International Foundation
for Electoral Systems

# Саламаттыкты жана шайлоолорду коргоо



# Саламаттыкты жана шайлоолорду коргоо

**Авторлору:**

Фернанда Бьюрил, медицина илимдеринин кандидаты
Улук илимий кызматкер, IFES

Стаффан Дарнольф, медицина илимдеринин кандидаты
Эл аралык шайлоо операциялары жана администрациялык маселелер боюнча улук кеңешчи, IFES

Мулукен Асереза, медицинанын доктору
Улук техникалык кеңешчи, «Саламаттыкты сактоо үчүн башкаруучу илимдер»

**Башкы редактору:**

Эрика Шейн
Колдонмо изилдөөлөр жана окутуу борборунун директору, IFES

**Редакция:**

Чад Викери
Глобалдык стратегия жана техникалык жетектөө боюнча вице-президент, IFES

Анджела Кентербери
Стратегиялык коммуникация жана маалыматтык-агартуучулук ишмердүүлүк боюнча директор, IFES

IFESтин COVID-19 жөнүндө пресс-конференцияларынын сериясы:
Саламаттыкты жана шайлоолорду коргоо

Автордук укук © 2020 Шайлоо системаларынын эл аралык фонду. Бардык укуктар корголгон.

Уруксат кылуу жөнүндө токтом: бул эмгектин эч бир бөлүгү IFESтин жазуу жүзүндөгү уруксатысыз кандайдыр бир калыпта же кандайдыр бир каражаттар менен, электрондук же механикалык, көчүрмөлөөнү, жаздырууну же маалыматты сактоо менен издөөнүн каалаган системасы менен кошо, кайра өндүрүлгөн болушу мүмкүн эмес.

Уруксат алууга суроо-талаптар төмөнкү маалыматты камтууга тийиш:

- Көчүрмөлөөгө уруксат талап кылынган материалды сыпаттоо.
- Көчүрүлгөн материал колдонула турган максат жана аны колдонуунун ыгы.
- Сиздин аты-жөнүңүз, кызматыңыз, компаниянын же уюмдун аталышы, телефон номери, факстын номери, электрондук почтанын дареги жана почта дареги.

Уруксат алууга бардык суроо-талаптарды төмөнкү дарекке жөнөтүү керек:

Шайлоо системаларынын эл аралык фонду

Вирджиния 22202, Арлингтон,

2011 Кристал Драйв, 10-кабат

Электрондук почта: editor@ifes.org

Телефон: 202.350.6701

# Мазмуну

**Кириш сөз ........................................................................................ 1**

**Алкыш сөздөрү ................................................................................. 3**

**Негизги жоболор ............................................................................... 4**

**Киришүү ........................................................................................... 11**

Коомдук саламаттыкты сактоо жаатындагы өзгөчө кырдаалдар жана шайлоо ........................................................ 11

COVID-19 деген эмне? ....................................................................... 13

Арналышы жана түзүмү...................................................................... 16

**Негизги тыянактар жана сунуштар ................................................. 18**

COVID-19 шарттарында калктын саламаттыгы үчүн тобокелдерди азайтуу боюнча жалпы ой-пикирлер ................... 18

Саламаттыкты сактоо органдары жана башка тиешелүү мекемелер менен ишмердүүлүктү ыкташтыруу.......................... 21

I этап: Шайлоо алдындагы ишмердүүлүк ....................................... 23

II этап: Шайлоо күнүндөгү ишмердүүлүк жана шайлоодон кийинки процесстер ............................................................ 46

Байкоо жүргүзүү жана сапатты көзөмөлдөө.................................. 56

**Булактар ........................................................................................... 58**

# Кириш сөз

COVID-19 кризиси бүткүл дүйнөдө адам өмүрлөрү, экономикалар жана саламаттыкты сактоо системалары үчүн кыйраткыч кесепеттерге алып келди. Ал демократия үчүн өзгөчө оор учурда да пайда болду. V-Dem 2020[1] Демократия жөнүндө баяндамага ылайык, дээрлик жыйырма жыл ичинде биринчи жолу көпчүлүк өлкөлөр – 92 өлкө – автократиялар катары мүнөздөлүштү. Бул «жеке бийликтин үчүнчү толкуну» узак мезгил бою демократиянын тиреги болгон аймактарды да кучагына алды. Эми COVID-19 кризиси дараметтүү авторитаристтерге өкмөттүк түзүмдөрдөгү өз бийлигин дагы көбүрөөк чыңдоо жана адам укуктарын коргоону кыйратуу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түздү.

Ушул оор мезгилдерде мамлекеттик органдар, саясий партиялар, талапкерлер, жарандык коом жана эл аралык коомчулук жарандардын саламаттыгын да, демократиялардын абалын да коргоо үчүн өз күчтөрүн бириктиришкени өтө маанилүү. Шайлоолор демократиялык институттарды жана укуктун үстөмдүгүн чыңдашкандыктан, мындай жооп кайтаруунун маанилүү элементи болуп саналат. Ушундай кризистердин учурундагы туура эмес иш-аракеттер жана шайлоолорду буйлалап жетелөө негизги эркиндиктердин узак мөөнөттүү төмөн кулоосуна, бийликтин жана жемкорлуктун консолидациясына алып келе алат. Мындан ары эмне болорун мерчемдеп жатып, кризиске байланышкан маселелерди чечүүчү шайлоолордун лидерлери, чечкиндүү жана так аракеттенүүлөрү тийиш. Эгерде алар күтө турган болушса, анда балким, жылдырып коюлган же начар өткөрүлгөн шайлоолордон улам калктын саламаттыгы үчүн да, демократиялык укуктар үчүн да тобокелдерди кыскартууга өтө кеч болуп калат.

Бүткүл дүйнөдөгү шайлоо органдарынын ишенимдүү өнөктөшү болуп саналып, Шайлоо системаларынын эл аралык фонду (IFES) коопсуз жана ишенимге арзуучу шайлоолорду өткөрүү максатында чечимдерди кабыл алуу жол-жобосун жетектөө үчүн так маалыматты жана негиздүү

1 Анна Люрман, Серафина Ф. Маерц, Сандра Гран, Назифа Ализада, Лиза Гастальди, Себастьян Хелльмайер, Гарри Хиндл жана Стаффан И. Линдберг. 2020. Жеке бийлөөнүн тамчылары – каршылык өсуп жатат. 2020-жылдагы демократия жөнүндө баяндама. Демократиянын түрлөрү институту (V-Dem). Алынды https://www.v-dem.net/media/filer_public/f0/5d/f05d46d8-626f-4b20-8e4e-53d4b134bfcb/democracy_report_2020 _low.pdf

техникалык сунуштарды берүүгө умтулат. Коомдук саламаттыкты сактоо жаатындагы эксперттер менен ыкташтыруунун жана кеңешүүнүн алкагында даярдалган бул документ, биздин жаңы милдеттерге ыңгайлашуу жана өнөктөштөрүбүз менен чогуу өсүү боюнча үзгүлтүксүз күч-аракеттерибиздин натыйжасы болуп саналат. Биз дайымкыдай эле, тоскоолдуктарды чогуу жеңүүнү уланта жана демократиянын бекемделишине түрткү боло беребиз, бул баарыбызга пайда келтирет.



**Энтони Н. Банбери**

IFESтин президенти жана генералдык директору

# Алкыш сөздөрү

Авторлор «Саламаттыкты сактоо үчүн башкаруучу илимдер» уюмунун коомдук саламаттыкты сактоо боюнча бөлүмүнүн улук директору, медицинанын доктору Эльке Конингске; IFESтин Украина үчүн программасынын кеңешчиси Мередит Эпплгейтке; IFESтин глобалдык интеграция бөлүмүнүн улук кеңешчиси Вирджиния Аткинсонго; гендерлик про-грамманын жетектөөчү адиси Джин Кириллого; IFESтин графикалык дизайн боюнча бөлүмүнүн кызматчысы Китон Ван Беверенге жана IFESтин коомчулук менен байланыш боюнча кызматчысы Джанин Даффиге, ушул документти даярдоосу жана баа жеткис салым кошуу-су үчүн чын жүрөктөн алкыш айтууну каалашат.

---

*Авторлордон эскертме*

IFES бул колдонмонун ар кыл шайлоо системалары үчүн колдонуучулугун жана пайдалуулугун сактап, аны максималдуу баарын камтуучу кылууга умтулат. Бирок кээ бир сунуштарды аткаруунун иш жүзүндө жүзөгө ашуусу ар бир өлкөнүн укуктук базасынан чоң даражада көз каранды болот. Ар бир күнү жаңы коронавирус өзүн кандай көрсөтөрү жана адамдын саламаттыгына кандай таасир кылары жөнүндө жаңы маалыматтар пайда болуп жатканын да белгилөө маанилүү. Бул жерде сунушталуучу жетектөөчү жоболор жарыяланган учурга карата COVID-19 жөнүндө заманбап билимдерге негизделген. Бул сунуштар калктын саламаттыгы үчүн тобокелдерди минимумга жеткирери жана шайлоочулар менен шайлоо комиссияларынын кызмат адамдарынын шайлоого катышууга карата ишенимин арттырары күтүлүп жатса дагы, ар кыл контексттер коркунучтун ар кыл деңгээлдерин жаратышат. Шайлоолорду жеке келүү менен өткөрүү дайыма эле мыкты вариант боло бербейт. Шайлоо иш-чараларын өткөрүү зарылдыгы жана усулдары жөнүндө чечим дайыма ишенимге арзыган жана компетенттүү жергиликтүү саламаттыкты сактоо органдары менен ыкташтырууда иштелип чыккан тобокелдерди ар тараптуу баалоолорго негизделүүгө тийиш. Шайлоолор түпкүлүгүндө саясий окуя болуп саналгандыктан, өлкөдө коомдук саламаттыкты сактоонун кризиси учурунда шайлоого баруу жөнүндө маселени талкуулоо, балким, эгерде саясий партиялар менен жарандык коом тартылса жана талкуулоо муну менен байланышкан бардык тобокелдерди жалпы түшүнүүгө негизделсе, кыйла ийгиликтүү болот чыгар.

# Негизги жоболор

## Киришүү

Шайлоолор адатта өзүнө жалпы улуттук ири чогулуштарды камтышат, анан калса шайлоо күнү гана эмес, бирок, мисалы, шайлоо алдындагы үгүт жана шайлоочуларды каттоо учурунда дагы. Бул окуялар адамдар ортосундагы алаканы күчөтүшөт да, ооруну түз жана кыйыр жугузуу тобокелин арттырышат. Болгону азгантай шайлоо өткөрүү боюнча органдар (ШӨО) оорулардын тутануусу кеңири таралган шарттарда бул ишмердүүлүктү жөнгө салуу боюнча баарын камтыган мерчемдерге ээ болушат, бул коомдук саламаттыкты сактоонун кризистери капысынан пайда болгондо, зарыл түзөтүүлөрдү киргизүү жана шайлоо иш-чараларын коопсуз өткөрүү үчүн убакыттын, ресурстардын жана маалыматтын жетишсиздигине алып келет. Бул COVID-19, жаңы коронавирус жараткан оору менен болгон учурда далилденген, ал азыркыга чейин дээрлик 60 өлкөдө жана аймактарда улуттук жана субулуттук шайлоолорду жылдырууга аргасыз кылган[1]. Кризис шарттарында баары бир шайлоого киришүүнү чечишкен кээ бир ШӨО (шайлоо өткөрүү органдары), негизинен адамдардын өз саламаттыгы үчүн тынчсыздануусу[2] менен байланышкан көйгөйдү чече алышпады, бул шайлоочулардын келүүсүнүн төмөндүгүнө, ишеним менен болгон көйгөйлөргө, шайлоо участокторунун кызматчыларынын иргелүүсүнө жана керек болсо шайлоо органдарынын кээ бир кызмат адамдарынын оору жугузуусуна алып келди[3].

Ушундай татаал шарттарда иштөөдө бүткүл дүйнө боюнча ШӨО колдоо үчүн, Шайлоо системаларынын эл аралык фонду (IFES) «Саламаттыкты сактоо үчүн башкаруучу илимдер» (ССБИ) уюму менен кызматташтыкта ушул документти даярдады, анда негизги көңүл бардык түйүндүү шайлоо процесстери үчүн коомдук саламаттыкты сактоого тиешелүү жалпы ойлорго жана COVID-19 вирусун жугузуу тобокелдерин азайтуу боюнча сунуштарга бөлүнөт. Ушул маалыматтык буклетте берилген сунуштар, Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму (БДССУ)  жана АКШнын Ооруларды көзөмөлдөө жана алдын алуу боюнча борборлору (ОКАБ) өңдүү саламаттыкты сактоо органдарынын жалпы сунуштарына, жарыяланган учурга карата эң акыркы факт жүзүндөгү маалыматтарга жана илимий изилдөөлөргө,

ошондой эле ушуга окшош кырдаалдарда ШӨО көрүшкөн алдыңкы тажрыйбага жана ийгиликтүү чараларга негизделген.

## Көйгөйдү аныктоо

ШӨО өз процесстерине тапшырууларды алуу жана жаңы жол-жоболорду кошуу үчүн чектелген убакытка жана ресурстарга ээ болушкандыктан, тобокелдерди азайтуу боюнча күч-аракеттер ресурстарды оптимизациялоону камсыздоочу баарын камтыган стратегиянын бир бөлүгү болушканы, жана COVID-19дун таралуу тобокелдерин контекстуалдашкан баалоого негизделген болушканы өтө маанилүү. Туура колдонгондо бул чаралар вирусту жугузуу тобокелин маанилүү азайта жана адамдардын шайлоо процесстери учурунда инфекциядан коркуусун негиздүү азайта алышат, тескерисинче болгон учурда бул шайлоочулардын келүүсүн кескин төмөндөтө жана натыйжалардын легитимдүүлүгүн жокко чыгара алат.

Ушул документте сунушталган сунуштар, калктын саламаттыгы үчүн тобокелдерди минимумга жеткирсе жана шайлоочулар менен шайлоо органдарынын кызмат адамдарынын ишенимин жогорулатса да, ар кыл жагдайлар коркунучтун түрдүү деңгээлин туударарын, жана жеке келүү аркылуу шайлоо дайыма эле иш-аракеттердин мыкты мерчеми боло бербесин да белгилөө керек. Ар кыл шайлоо иш-чараларын өткөрүүнүн зарылдыгы жана усулдары жөнүндө чечимдер, кыйла ийгиликтүү болушат, эгерде:

- Алар жөнүндө коомдук саламаттыкты сактоонун компетенттүү органдары менен өз ара аракеттешүүдө иштелип чыккан тобокелди комплекстүү баалоолордун негизинде маалымдашса;
- Алар өлкөнүн шайлоо округдарынын бүткүл спектрин таанынштырган саясий партиялардын жана жарандык коомдун келечектерин эске алышса; жана
- Алар кризис шарттарында шайлоо өткөрүү менен байланышкан бардык тобокелдерди жалпы түшүнүүгө негизделишсе.

## Негизги тыянактар жана сунуштар

БДССУнун[4] жана ОКАБнун[5] азыркы учурда колдо бар маалыматтарына ылайык, COVID-19 вирусун жугузуунун негизги калыбы адамдан адамга аба-тамчы жолу менен жугузуу болуп саналат, бирок вирус аны менен булганган объектилер же беттер болуп саналган фомит-

тер менен кыйыр алака аркылуу да жуга алат. Шайлоо процессиндеги 40тан ашуун пункттар адамдардын чогулуусу же объектилердин берилүүсү менен байланышкан, мына ошондуктан эгерде алдын алуу чаралары көрүлбөсө, вирусту жугузуу коркунучун туудурушат. Ошол жалпы өз ара аракеттешүүлөр шайлоо түрмөгүнүн бардык этаптарында жүрөт жана шайлоо күнү менен гана чектелбейт. Коронавирусту өткөрүүнүн ушул бөтөнчөлүктүү усулдарын эске алып, бардык шайлоо иш-чараларына карата төмөнкү сунуштар колдонулууга тийиш:

- Тобокелдерди талдоо, чечимдерди кабыл алуу, тобокелдерди азайтуу стратегияларын мерчемдөө жана майнаптуу жүзөгө ашыруу маселелери боюнча **коомдук саламаттыкты сактоонун компетенттүү органдары менен байланышуу жана иш-аракеттерди ыкташтыруу;**

- **Инсан аралык өз ара аракеттешүүнү болтурбоо же азайтуу:** коопсуз денелик аралыкты, дем алуунун гигиенасын камсыздоо, жекече коргонуу каражаттарын (ЖКК) пайдалануу; мүмкүнчүлүккө жараша алыстан башкаруунун коопсуз каражаттары менен механизмдерин колдонуу;

- **Жалпы беттер менен буюмдардын булгануусун болтурбоо же азайтуу:** жүз үчүн беткаптар жана дем алуу органдарынын гигиенасы өңдүү ЖККрын колдонууну камсыздоо; мүмкүнчүлүккө жараша байланышсыз механизмдерди колдонуу;

- **Булганган беттердин же буюмдардын адамга таасир кылуусун болтурбоо же азайтуу:** колду самын менен суунун же спирттүү эритмелердин жардамы менен дезинфекциялоону колдогула; оозго, мурунга жана көзгө кол тийгизүүгө жол бербегиле; бир нече адамдар колдонушкан беттер менен буюмдарды көп дезинфекциялагыла; ЖККрын колдонууну камсыздагыла; мүмкүнчүлүккө жараша байланышсыз механизмдерди пайдалангыла.

Мына ушул маанилүү баарын камтуучу чараларга кошумча, ШӨО ар бир шайлоо иш-чарасы боюнча төмөнкү сунуштарды карап чыгышканы пайдалуу болмок:

*1-таблица: Шайлоо ишмердүүлүгүнө тиешелүү ой-пикирлер*

| Шайлоо ишмердүүлүгүнө тиешелүү кошумча ой-пикирлер | |
|---|---|
| **Шайлоону жана ресурстарды колдонууну мерчемдөө** | Шайлоонун мөөнөтүн жылдырууда укуктук ченемдерди сактоону камсыздагыла; эң кыска мөөнөттөрдө шайлоонун графигин бекитүү жана ыкчам календарь менен бюджетке зарыл түзөтүүлөрдү киргизүү боюнча сценарийлик мерчемдөө жүргүзгүлө; коомчулукка жаңыланган маалыматты көп кабарлагыла |
| | Шайлоону мерчемдөөдө оорунун таркалуусун, тутануу стадиясын, саламаттыкты сактоо системасы менен түзүмүнүн дараметин, аба ырайын/жыл мезгилин эске алгыла |
| | Вирусту өткөрүү тобокелдерин азайтуу үчүн процесстерди жана жол-жоболорду түзөткүлө; алдын ала көрүлбөгөн же кошумча материалдарды, жабдууларды жана керек-жарактарды айкындагыла жана сатып алгыла; сейрек адистиктеги персоналды же кошумча персоналды жалдагыла; тапшыруулардагы үзгүлтүктөрдү иликтегиле |
| | Кошумча материалдарга, жабдууларга, персоналга жана процесстерге каражаттарды бөлүүнү камсыздагыла; керектөөлөрдүн артыкчылыктарын койгула жана ресурстарды максималдуу жумшартуучу майнап менен оптималдаштыргыла |
| **Шайлоо өнөктүгү** | COVID-19 жөнүндө саясий партиялар, талапкерлер, жарандык коом жана жалпыга маалымдоо каражаттары менен билдирүүлөрдү жана нускамаларды алмашууну тартиптештиргиле; жүрүм-турум кодекстерин иштеп чыккыла же колдо бар кодекстерге COVID-19 көйгөйлөрүн кошкула |
| | COVID-19 жөнүндө дезинформацияны саясий максаттарда колдонгон адамдарды айкындагыла жана жазалагыла |
| | Эл алдындагы акцияларды, дебаттарды жана башка чогулуштарды өткөрүүдө саламаттык үчүн этияттык чаралары боюнча нускамаларды бергиле |
| | Жалпыга маалымдоо каражаттарына жана алыстан агитациялоонун башка усулдарына жетүүнү объективдүү бекемдегиле же кеңейткиле |

| | |
|---|---|
| **Шайлоочуларга билим берүү** | Шайлоочуларга COVID-19, аны жугузуунун жана аны менен күрөшүүнүн ыктары жөнүндө так, жеткиликтүү жана көп кездешүүчү маалыматты бергиле; саламаттык маселелери боюнча маалымдуулук жаатындагы алдыңкы тажрыйбаны ээрчигиле (активдүү калып, тааныш сөздөр жана маданий маанилүү көрмө майнаптары колдонулган кыска билдирүүлөр) |
| | Жарандарга жаңы шайлоо жол-жоболору жөнүндө жана аларды кантип сактоо керектиги жөнүндө так, жеткиликтүү жана көп кездешүүчү маалыматты бергиле |
| | Оорулар жана тобокел топторуна жана калктын социалдык окчундатылган топторуна карата жек көрүүнү тутантуу менен байланышкан дезинформация көйгөйлөрүн чечкиле |
| **Сурамжылоо-лорду жүргүзүү боюнча кызмат-чыларды жана башка кызмат-чыларды топтоо жана окутуу** | Бул мүмкүн болгон жерде персоналдын арыздарын кабыл алуу жана кароо үчүн онлайн-платформаларды колдонгула; жеке жалдоо үчүн, зарыл денелик аралыкты камсыздоо максатында жетиштүү мейкиндиги бар бөлмөнү колдонгула; жалдоочулар менен интервью берүүчүлөрдүн колду дезинфекциялоосун жана жүз үчүн беткаптарды колдонуусун колдогула |
| | Тобокел тобунда турган адамдарды жана медициналык кызматчыларды коомдук пикирге сурамжылоолор жүргүзүү милдеттеринен бошоткула |
| | Окутуунун мазмунуна COVID-19 жөнүндө, өзгөчө жугузуу ыктары жана алдын-алуу чаралары жөнүндө маалыматты кошкула |
| | COVID-19га байланыштуу кабыл алынган жаңы жол-жоболорго тиешелүү нускамаларды кошкула |
| | Даярдык учурунда бардык катышуучуларга жетиштүү денелик аралыкты жана колду дезинфекциялоо протоколдору менен тиешелүү ЖККрын камсыздоо үчүн жетиштүү мейкиндиги бар даярдык өткөрүү орундарын тандагыла |
| | Жаңы онлайндын жана аралыктан окутуунун баарын камтуучулугун жана жеткиликтүүлүгүн камсыздагыла |
| | Онлайн-окутуу үчүн аны ийгиликтүү бүтүрүүнү камсыздоочу механизмдерди кошуу зарыл |

| | |
|---|---|
| **Шайлоочуларды, талапкерлерди каттоо, добуш берүү үчүн бюллетендерди толтуруу, добуштарды саноо жана жыйынтыктарды чыгаруу** | Зарыл денелик аралыкты камсыздоо үчүн жетиштүү мейкиндиги бар орундарды тандагыла; алар тобокел топтору жашаган аймактардан алыс жайгашкан болууга тийиш, калктын бул топторунун катышуусун камсыздоо үчүн альтернативалуу чараларды көрүү керек |
| | Бир эле учурда объектиде адамдардын санын азайткыла: күндөрдүн же орундардын санын көбөйткүлө; белгилүү бир турумдар үчүн топторду дайындагыла |
| | Массалык тейлөө, имараттарга кирүү жана чыгуу үчүн COVID-19дун жайылуу тобокелдерин азайтуу протоколдорун иштеп чыккыла жана колдонууга киргизгиле |
| | COVID-19 жөнүндө маалыматты көрүнөө жерге жайгаштыргыла |
| | Колду дезинфекциялоо үчүн жетиштүү сандагы орундарды камсыздагыла |
| | Шайлоочулар өздөрүнүн калемсаптарын алып келишине жана колдонушуна түрткү болгула |
| | Инсандыгын байланышсыз текшерүү протоколдорун иштеп чыккыла |
| | Денелик аралык талаптарына ылайык келүүчү бланктарды толтуруу үчүн аймакты белгилегиле |
| | Шайлоо комиссияларынын кызмат адамдары, байкоочулар, партиялардын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү үчүн талап кылынган аралыкка ылайык келген үстөлдөр менен орундуктарды уюштургула; бөлмөлөрдөн бир нече оруну бар креслолорду жана башка керексиз буюмдарды алып салгыла; шайлоочулар жана шайлоо комиссияларынын кызмат адамдары ал аркылуу өз ара аракеттешүүчү үстөлдөр жана эсептегичтер үчүн оргайнектен экрандарды же башка жарым тунук тосмолорду орноткула |
| | Тазалоо жана дезинфекциялоо боюнча тиешелүү нускамаларды алуу үчүн жабдууларды тапшыруучуларга жана өндүрүүчүлөргө кайрылгыла |
| | Калдыктарды коопсуз ык менен чогулткула жана утилдештиргиле |

| | |
|---|---|
| | Мүмкүнчүлүккө жараша почта бланктары жана бюллетендер үчүн өзү желимделүүчү конверттерди колдонгула |
| | Жаңы онлайн жана дистанттык опциялардын баарын камтуучулугун жана жеткиликтүүлүгүн камсыздагыла |
| **Шайлоого жергиликтүү жана эл аралык байкоо жүргүзүү жана партиялардын өкүлдөрү** | Бир дагы укукка жөндөмдүү жаран шайлоого байкоочу катары катышуу укугунан ажыратылбоого тийиш болсо да, коомдук саламаттыкты сактоонун кризиси сыяктуу өзгөчө жагдайларда, тобокел тобунда турган адамдарды жана медициналык кызматчыларды байкоочулардын же партиялардын өкүлдөрүнүн ролунан бошотуу, же аларга шайлоого катышуу менен байланышкан бардык тобокелдер жөнүндө эскертүү керек |
| | Аккредитация жол-жобосу үчүн «Шайлоочуларды, талапкерлерди каттоо жана бюллетендерди толтуруудагыдай» эле этияттык чараларын сактагыла |

# Киришүү

Шайлоолор адатта өзүнө жалпы улуттук ири чогулуштарды, анан дагы шайлоо күнүндөгү гана эмес, бирок, мисалы, шайлоо алдындагы үгүттөр менен шайлоочуларды каттоо учурундагы да камтышат. Бул окуялар адамдардын ортосундагы алаканы күчөтөт да, оорууну түз жана кыйыр – булганган беттер аркылуу – жугузуу тобокелин арттырышат. Ооруу тутанган шарттарда мындай иш-чараларды өткөрүү калктын саламаттыгы үчүн олуттуу коркунуч туудурат, бирок алардын жоктугу кыйынчылык менен жеңип алынган туруктуулукту жана демократиялык институттарга болгон ишеничти да алсыратат. Ушундай дилеммага туш келген мамлекеттик кызматчылар, шайлоого киришүү керекпи же жокпу, кыйынчылык менен чечишет, жана, эгерде киришсе, анда оорунун тутануусу шайлоонун контекстине киргизген жаңы көйгөйлөргө ылдам жооп кайтаруулары зарыл. Кызмат адамдарына, балким, ишмердүүлүктүн графигине түзөтүүлөр киргизүү, вирустун жугуусун азайтуучу жаңы жана өркүндөтүлгөн жол-жоболорду колдонууга кийирүү, ошондой эле каржылоону жана зарыл материалдарды сатып алууну камсыздоо талап кылынат. Алар бүткүл ушул өзгөртүүлөр жүзөгө ашырылсын жана кабыл алынсын үчүн, шайлоо процессине оңдоолор ийгиликке кыйла чоң шанска ээ болгондуктан, кызыкдар тараптар менен саясий пикир келишпестиктер жаатындагы өз иш-аракеттерин ыкташтырууга да тийиш, жана эгерде чечимдерди кабыл алуу кеңешүү процессинин натыйжасы болсо, алар кабыл алынат.

## Коомдук саламаттыкты сактоо жаатындагы өзгөчө кырдаалдар жана шайлоо


БДССУ коомдук саламаттыкты сактоо жаатындагы өзгөчө кырдаалды «биотерроризм, эпидемия же пандемия, же инфекциянын же биологиялык уунун жаңы жана өтө өлтүрүүчү козуткучу чакырган, мекемелердин чоң саны үчүн маанилүү тобокелди, эмгекке жөндөмдүүлүктү кыска мөөнөткө же узак мөөнөткө чектөөнү туудурган оорунун пайда болуусу же түздөн-түз пайда болуу коркунучу же саламаттыктын абалына коркунуч» деп аныктайт[6]. Коомдук саламаттыкты сактоону кризистик башкаруу жаатындагы эксперттер, татаал кырдаалда акыл-эстүү чечимдерди кабыл алуунун маанилүүлүгүн чагылтуу үчүн кризистин кеңири аныктамасын да колдонушат: Кризис – бул

«системанын базалык түзүмдөрүнө же түптүү баалуулуктары менен ченемдерине убакыт жетишпеген жана өтө аныкталбаган жагдайларда кризистик чечимдерди кабыл алууну талап кылган олуттуу коркунуч»[7]. Ушул эң маанилүү чечимдер тигил же бул өлкөнүн саламаттыкты сактоо системасына гана эмес, ушул көйгөйдүн курчуусуна жана кризиске байланыштуу адамдарга жана системаларга өтө күч келүүсүнө түз же кыйыр түрткү болгон ишмердүүлүктүн бардык түрлөрүнө тийиштүү болушат..

> **...коомдук саламаттыкты сактоонун кризиси шарттарында шайлоону өткөрүүгө мүмкүн, бирок ансыз да оор кырдаалды курчутуудан качуу үчүн дыкат мерчемдөө зарыл».**

Шайлоолор жана алар менен байланышкан ишмердүүлүк адатта массалык чогулуштарды болжогондуктан, алар жугузуу ыктарына адамдардын ортосундагы түз же кыйыр алака кирген илдеттердин жайылуусун тездете алышат. Тобокелдерди азайтуунун тиешелүү стратегияларысыз шайлоо иш-чараларын өткөрүү илдет учурларынын санынын кескин өсүүсүнө жана ашыкча күч келген саламаттыкты сактоо системасын кыйроого чукулдатууга алып келет. Ушул кыйынчылыктарга карабай, кээ бир өлкөлөр коомдук саламаттыкты сактоонун кризисин жеңе жана салыштырмалуу ийгиликтүү шайлоолорду өткөрө алышты, алсак, АКШ 1918-жылдагы испан сасык тумоосунун пандемиясы учурунда[8], Либерия 2014-жылдагы Эболанын тутануусу учурунда[9] жана чукулда эле Түштүк Корея азыркы COVID-19 пандемиясынын учурунда[10]. Бул өлкөлөр коомдук саламаттыкты сактоонун кризиси шарттарында шайлоону өткөрүү мүмкүн экенин, бирок ансыз да оор кырдаалды курчутуудан качуу үчүн, өз ишмердүүлүгүн дыкат мерчемдөө зарыл экенин көрсөтүштү.

# COVID-19 деген эмне?



COVID-19, 2019-жылкы коронавирустук инфекциясы деп чечмеленет, ал адамда 2019-жылдын аягында биринчи жолу айкындалган SARS-CoV-2 коронавирусу, жаңы штамм чакырган жугуштуу илдет болуп саналат. Вирус адамга биринчи жолу Кытайдагы Хубэй провинциясынын борбору Ухань шаарындагы деңиз өнүмдөрү менен канаттуулар базарында сатылган жарганаттар же кескелдириктер[11] аркылуу жуккан деп эсептелет. Оорунун тутануусу бүткүл дүйнө боюнча ылдам жайылган да, БДССУ[12] аны 2020-жылдын 11-мартында пандемия деп жарыялаган.

Ушул макала жазылган учурга карата 212 өлкөдө жана аймакта COVID-19 илдетинин дээрлик 4 миллион учуру тастыкталган, ал 270 000ден ашуун өлүмгө алып келген.

## Симптомдору

БДССУнун маалыматтары боюнча[13] COVID-19 бар адамдардан айкындалган кыйла көп симптомдор дене табынын көтөрүлүүсү, жөтөл жана демдин кыстыгуусу же кыйынчылык менен дем алуу болуп саналат. АКШнын ОКАБ[14] COVID-19дун кошумча дараметтүү симптомдору катары булчуңдардын жана баштын оорусун, тамактын оорусун, чыйрыгууну жана даам-жыт билүүнү жоготууну да кошумчалады.

Түрдүү изилдөөлөрдө сандар айырмаланса дагы, жаңы коронавирусту жугузган адамдардын чоң пайызы эч кандай симптомдорду баштан кечиришпеси же жеңил симптомдорду гана баштан кечиришери болжонот. Маалыматтар керек болсо симптоматикалык стадиянын – биринчи симптомдор пайда болгонго чейинки бир нече күндүн алдындагы – адамдар жана оорунун көрүнүүсү алсыз болгон сиптоматикалык стадиядагы адамдар дагы анын жугузуучулары боло алышары жөнүндө күбөлөндүрүшөт[15]. COVID-19 тестине оң натыйжасы бар жана оору симптомсуз өткөн адамдар дагы «үнсүз таратуучулар»[16] болуусу мүмкүн,  бул тобокелди азайтуу стратегиясын татаалдаштырат. Учурдагы маалыматтар инкубациялык мезгил

– вирустун таасир кылуусунан симптомдордун өнүгүүсүнө чейинки мезгил – SARS-CoV-2 вирусунда эки күндөн 14 күнгө чейинди түзөрү жөнүндө күбөлөндүрүшөт[17].

Оор учурларда инфекция пневмонияны, оор курч респиратордук синдромду (ОКРС) жана өлүмдү чакыра алат. Улгайган адамдар жана оор кошумча оорулары бар адамдар бул илдеттен улам олуттуу татаалдашуулардын өнүгүү тобокелине дуушарланышат[18]. Ушул документти жарыялаган учурга карата, азыркы мезгилде бир нече клиникалык сыноолор өткөрүлүп жатса дагы, COVID-19 үчүн бекитилген вакцина же дарылоо жок болчу.

## Инфекцияны жугузуунун ыктары

БДССУнун[19] жана ОКАБнун[20] азыркы мезгилде колдо бар маалыматтарына ылайык, коронавирусту жугузуунун негизги калыбы – адамдан адамга жугузуу. Адамдар бири-бирине денелик чукул турушканда, вирус дем алуу тамчыларында (жугузуп алган адам жөтөлгөндө, чүчкүргөндө же сүйлөгөндө) орун которо жана башка адамдын организмине ооз, мурун же, балким, көз аркылуу кире алат. Ошондуктан COVID-19 шайлоого байланышкан иш-чаралар учурунда, мисалы, көбүнчө тер, кусунду жана кан өңдүү кыйла байкаларлык дене суюктуктары аркылуу таралган Эболага караганда, көбүрөөк жугуштуу илдет болуп саналат.

Коронавирусту жугузуу вирус менен булганган буюмдар же беттер өңдүү фомиттер аркылуу болуп өтүүсү мүмкүн, мында сак-саламат адам булганган аймакка кол тийгизет, андан соң өзүнүн оозуна, мурдуна, же, балким, көзүнө кол тийгизет. Шайлоо органдарынын кызмат адамдарынын, шайлоочулардын, талапкерлердин ортосундагы документтерди, бланктарды жана башка материалдарды көп алмашууну, ошондой эле манжалардын тактарынын сканерлери же добуш берүү үчүн машиналар өңдүү жалпы жабдууларды колдонууну эске алып, ооруну кыйыр жугузуу тобокелдери реалдуу болуп саналат жана тиешелүү түрдө азайтылган болууга тийиш.

SARS-CoV-2 жансыз объектилерде узак жашай тургандыгы башка коронавирустардын узак жашай тургандыгына окшош жана беттик материалдын тибинен көз каранды болот, ал төмөндөгү жадыбалда көрсөтүлгөн: [21]

*2-таблица: Материалга жараша коронавирустардын күтүлүүчү узак жашай тургандыгы*

| **Материал** | **Тиешелүү мисалдар** | **Узак жашай тургандык** |
|---|---|---|
| Алюминий | Контейнерлер, туткалар | 2-8 саат |
| Картон | Добуш берүү үчүн үкөктөр, кабиналар | 24 саат |
| Керамика | Ванна бөлмөсүндөгү плитка, унитаздар | 5 күн |
| Жез | Түтүктөр, электр жабдуулары | 4 саат |
| Айнек | Терезелер, көз айнектер, экрандар | ≤5 күн |
| Латекс | Хирургиялык колгаптар | ≤8 саат |
| Металл | Эшиктин туткалары, дарбазалар | 5 күн |
| Кагаз | Бюллетендер, добуш берүү үчүн үкөктөр, бланктар, өздүк күбөлүктөр, плакаттар | 1-5 күн |
| Пластик | Туткалар, клавиатуралар, өздүк күбөлүктөр, азиз адамдар үчүн шайлоо бюллетендери | ≤5 күн |
| Дат баспаган болот | Раковиналар, чорголор | 48 саат |
| Жыгач | Орундуктар, үстөлдөр, эшиктер, туткалар | 4 күн |

*Г. Кампфтын, Д. Тодттун, С. Пфендердин, Е. Штайнманндын маалыматтарынын негизинде*

## Арналышы жана түзүмү

Шайлоо боюнча эксперттердин да, коомдук саламаттыкты сактоо боюнча эксперттердин да тажрыйбасын чагылтуучу ушул документ, ШӨОна жалпысынан саламаттыкты сактоо жаатындагы кризистер учурунда жана жеке алганда COVID-19 пандемиясы учурунда шайлоону кыйла майнаптуу мерчемдөөгө жана өткөрүүгө колдоо көрсөтүүгө чакырылган. Ал шайлоочулардын жана шайлоону уюштуруучулардын саламаттыгы үчүн тобокелдерди гана эмес, тийиштүү түрдө мерчемдөөдө алардан качууга мүмкүн болгон болтурбай коюулар жана мөөнөтүн жылдыруулар менен байланышкан демократия үчүн дараметтүү тобокелдерди да азайтууга багытталган:

- ШӨО жалпысынан шайлоо процессинин ар кыл этаптары үчүн коомдук саламаттыкты сактоо жаатындагы ой-пикирлерди ойлоштура алсын үчүн негиздерди камсыздоо;
- Шайлоо учурундагы коомдук саламаттыкты сактоо чөйрөсүндөгү, жеке алганда COVID-19 себебинен улам, көйгөйлөрдүн масштабдарын жана мүнөзүн талкуулоо;
- Легитимдүү шайлоо өткөрүү үчүн зарыл болгон конкреттүү иш-чаралардын жүрүшүндө калктын саламаттыгы үчүн тобокелдерди азайтуу боюнча сунуштарды жана стратегияларды берүү;
- Тобокелдерди азайтуу стратегияларын жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон негизги ресурстарды жана тапшырууларды аныктоо; жана
- Сунушталган стратегияларды ишке ашыруунун сапатына байкоо жүргүзүүгө жана өлчөөгө карата мамилелерди баяндоо.

Документ бүткүл шайлоо ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө колдонула турган жалпы сунуштардан жана шайлоо алдындагы базадан шайлоо күнүнө жана шайлоодон кийинки мезгилге чейинки шайлоо процессинин ар кыл этаптары үчүн конкреттүү ой-пикирлерден башталат. Документ ушул сунуштарды ишке ашыруунун таасирлерине байкоо жүргүзүүгө.

**Шайлоо алдындагы ишмердүүлүк**

- Шайлоону жана ресурстарды колдонууну мерчемдөө
- Шайлоо участокторунун иштөөсү
- Шайлоо кампаниясы
- Шайлоочуларга билим берүү
- Шайлоочуларды каттоо
- Шайлоо участкаларынын кызматчыларын топтоо жана окутуу
- Шайлоого жергиликтүү жана эл аралык байкоочулардын жана партиялардын өкүлдөрүнүн аккредитациясы

**Шайлоо өткөрүү күнүндөгү иш-чаралар жана шайлоодон кийинки мезгилдеги процесстер**

- Талапкерлерди каттоо
- Добуштарды эсептөө жана жыйынтыктарды чыгаруу

# Негизги тыянактар жана сунуштар

## COVID-19 шарттарында калктын саламаттыгы үчүн тобокелдерди азайтуу боюнча жалпы ой-пикирлер

Адамдардын, адамдар менен вирустук тамчылардын, ошондой эле фомиттердин ортосундагы түздөн-түз алака шайлоо процессинин бир канча ар кыл учурларында болуп өтүп, коронавирусту жугузууга дараметтүү алып келет. IFESтин Либерияда Эболанын тутануусу контекстинде жүргүзүлгөн талдоосу, шайлоо процессиндеги адамдардын чогулушу же объектилердн берилиши менен байланышкан, жана ошондуктан инфекцияны жугузуу тобокелдерин жогорулаткан 40тан ашуун учурларды айкындаган. Ушул жалпы өз ара аракеттешүүлөр шайлоо түрмөгүнүн бардык этаптарында болуп өтүшөт да, шайлоо күнү менен гана чектелишпейт.

Коронавирусту жугузуунун конкреттүү ыктарын эске алып, кийинки бөлүмдөрдө талкууланууч бардык нускамалар менен сунуштар, төмөнкүлөргө багытталышкан:

- Инсан аралык өз ара аракеттешүүнү болтурбоого же азайтууга;
- Жалпы объектилердин оору жугузган адамдар тарабынан булгануусун болтурбоого же азайтууга; жана
- Булганган объектилердин жеке адамдарга таасир кылуусун болтурбоого же азайтууга;

Бийлик органдары шайлоо ишмердүүлүгүн комплекстүү мерчемдөөгө жана жогоруда эскерилген үч максаттын баарына жетишүүгө умтулууга тийиш экенин белгилөө маанилүү, анткени этияттыктын кыйла катаал чаралары тобокелдерди азайтышат. Бирок ШӨО чыгымдоо материалдарын сатып алуу жана өз процесстерине жаңы жол-жоболорду киргизүү үчүн чектелген убакытка жана ресурстарга ээ болушат. Ошондуктан тобокелдерди азайтуу боюнча күч-аракеттер COVID-19 тобокелдерин контекстуалдашкан баалоого негизделген ресурстарды оптимизациялоонун баарын камтуучу стратегиясынын бир бөлүгү болушканы өтө маанилүү. Туура колдонгондо бул чаралар шайлоо процесстери учурунда вирусту жугузуу тобокелин маанилүү азайта жана адамдардын инфекциядан коркуусун негиздүү азайта алышат, тескерисинче болгон учурда шайлоочулардын

келүүсүн кескин төмөндөтө жана натыйжалардын легитимдүүлүгүн жокко чыгара алышат.

> Тобокелдерди азайтуу боюнча күч-аракеттер COVID-19 тобокелдерин контекстуалдашкан баалоого негизделген ресурстарды оптимизациялоонун баарын камтуучу стратегиясынын бир бөлүгү болушканы өтө маанилүү".

## Инсан аралык өз ара аракеттешүүнү болтурбоо же азайтуу

COVID-19ду жугузуу тобокелин азайтуунун кепилдиги жөнөкөй денелик алыстоо тажрыйбасы, аң-сезимдүү жүрүм-турум болуп саналат, ал өзүнө **инсан аралык байланыштан качууну жана адамдардын ортосундагы аралыкты сактоону камтыйт**. Зарыл аралык вирус канчалык оңой жайыларынан көз каранды. БДССУ[22] азыркы учурда адамдарга болжол менен 3,3 фут (1 метр) аралыкты сактоону сунуштайт, ошол эле маалда ОКАБ[23] бири-биринен алты фут (болжол менен 1,8 метр) аралыкта турууну сунуштайт. Эгерде бул мүмкүн болсо, анда ШӨО аралыкка карата кыйла жогору талаптарды аныктоосу керек. Бирок, алты фут салыштырмалуу коопсуз аралык деп эсептелгенине карабай, чукулдагы изилдөө[24] экстремалдуу шарттарда жөтөл жана чүчкүрүк тамчыларындагы вирустар 27 футка (сегиз метрге) чейинки аралыкка орун которо алышарын көрсөттү. Бул денелик аралыкка карата минималдуу талаптардан тышкары, **бардык адамдар элементардуу дем алуу гигиенасын жана жөтөлүү эрежелерин сакташканы**[25] (мисалы, жөтөлгөндө же чүчкүргөндө жүзүн тийиштүү түрдө жабышканы, бир жолку салфеткаларды колдонушканы жана аларды туура жоготушканы) жана алар башка адамдардын жанында турушканда беткаптарды же башка жүздү коргоо каражаттарын тагынышканы да маанилүү экенин туюнтат. Беткаптарга карата конкреттүү талаптар жөнүндө кыйла кенен маалыматты «Шайлоону жана ресурстарды колдонууну мерчемдөө» бөлүмүнөн табууга болот.

Шайлоочуларга жардам керек болгон учурларда, туюкталган мейкиндиктерде, ошондой эле маданий көз караштан тыгыз байланыш жана чектелген жекече мейкиндик алгылыктуу болуп саналган өлкөлөрдө денелик аралыкты сактоо жөнүндө бул сунушту жүзөгө ашыруу оор болушу мүмкүн. Бирок, эгерде адамдар этияттыкты көрсөтүшсө, аларга талап кылынган аралыкты сактоо зарылдыгы жөнүндө эскертүүчү плакаттар илинсе, ал эми мейкиндик жана объ-

ектилердин жайгашуусу адамдарга бири-бири менен түз алакадан качууга жол берсе, инфекцияны жугузуу майнаптуу азайтылган болот. Бул нускамалар шайлоо органдарынын кызматчыларын даярдоого жана шайлоочуларга билим берүү боюнча өнөктүккө да киргизилиши абзел. Кыйла кенен маалыматты «Шайлоочуларга билим берүү» бөлүмүнөн табууга болот.

## Оору жугузган адамдардын жалпы объектилерди булгоосун болтурбоо же азайтуу

Илимий коомчулук муну коронавирусту жугузуунун негизги ыгы деп эсептебесе дагы, адам вирус турган бетке же буюмга кол тийгизип, андан кийин оозуна, мурунуна же, балким, көзүнө, кол тийгизип ооруну жугузуп алуусу мүмкүн. Тобокелдерди минимумга жеткирүү үчүн, ШӨО **буюмдарга кол тийгизүү зарылдыгын азайтуу** боюнча чараларды кабыл ала жана аларды колдоно, мүмкүн болгон жердин баарында байланышсыз механизмдерди колдонууга киргизе жана **адамдар дезинфекцияланган колдору менен гана буюмдарга тийүүсүн же аларды колдонуусун камсыздай алышат**. ОКАБ жана БДССУ колдорду дезинфекциялоонун төмөнкү эки вариантын сунушташат:

- Самын менен суу: колду самын жана суу менен 20 секунддан ашуун дыкат жууш жана/же;
- Минимум 60 пайыздык спирттүү эритме: колдорду жана беттерди дезинфекциялоо үчүн 60 пайыздан кем эмес спирттүү эритме колдонгула.

Хлордун эритмеси (0,05%), өзгөчө кээ бир батышафрикалык ШӨО тарабынан, чукулдагы тутануулар мезгилинде Эбола вирусу менен күрөшүү үчүн колдонулса дагы, БДССУ аны «аларды колдонгондор жана эритмелерди жасагандар үчүн дараметтүү зыянынан, ошондой эле күндүн нурунун же жылуулуктун таасирине дуушар болгон хлордун деградациясынан улам» колду жууш үчүн колдонууну сунуштабайт[26]. БДССУ айлана-чөйрөнү жугушсуздантуу үчүн колдонулуучу агартуучу же хлордуу эритмелердин таасиринин натыйжасында, хлор колду дезинфекциялоо үчүн зарыл 0,05 пайыздан жогору пайыздык катышта болгондо, бейтаптарда, медициналык кызматкерлерде жана башка колдонгон адамдарда респиратордук симптомдор катталганын[27] да аныктаган.

## Булганган объектилердин жеке адамдарга таасир кылуусун болтурбоо же азайтуу

Жогоруда эскерилген колду дезинфекциялоо усулдарына кошумча, активдүү патогендерди жоготуу үчүн буюмдарды жана беттерди дезинфекциялоону камсыздоо да маанилүү. Бул самын менен сууну же башка дезинфекциялоочу эритмелерди (мисалы, коронавируска каршы майнаптуу деп табылган 60 пайыздык спирттүү, 0,5 пайыздык суутек кычкылдуу, 0,1 пайыздык натрий гипохлориттүү эритмелерди же каалаган башка дезинфекциялоочу каражаттарды) колдонуу менен[28] же ошол объектилер менен беттерди вирустук материал активсиз болуп калганга чейин белгилүү бир убакыт бою кол тийгизбей калтырып жасала алат. Объектилер жана беттер үчүн ушул изоляциялоо мезгили 9-беттеги жадыбалда көрсөтүлгөндөй, объектилер же беттер даярдалган материалдын тибинен, ошондой эле курчап турган чөйрөнүн табынан жана нымдуулугунан көз каранды болот[29].

Ошол эле маалда бир жолку колгаптар булганган буюмдар менен беттерден коргоону жогорулатуу үчүн колдонулат, вирус колгаптарда кала турганын белгилөө маанилүү, жана колдонуучулар аларды кийип жүргөн учурда өз жүзүнө кол тийгизүүдөн качууга, аларды тез-тез алмаштырууга жана колдонулган колгаптарды коопсуз утилдештирүүгө тийиш. ШӨО тиешелүү ЖККры эркектер менен аялдарга тийиштүү түрдө ылайык келсин үчүн ар кыл өлчөмдөрдө чыгарылганын да кепилдөөсү абзел. Колдорду дыкат жана көп дезинфекциялоо колгаптарды колдонуудан артыкчылыктуу.

## Саламаттыкты сактоо органдары жана башка тиешелүү мекемелер менен ишмердүүлүктү ыкташтыруу

ШӨО шайлоону өткөрүүнүн алдында башка мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдары менен ыкташтырууну жеңилдетүү үчүн Бириккен ыкчам шайлоо борборлорун көп түзүшөт. Салттуу түрдө бул борборлордо негизинен тынч шайлоону камсыздоо үчүн ар кыл коопсуздук жана чалгындоо органдарынан кызматчылар жайгаштырылган, кээ бир жерлерде аларга өкмөттүк мекемелердин кыйла кеңири чөйрөсүнүн өкүлдөрү катышкан. Саламаттыкты сактоо органдары COVID-19 пандемиясы сыяктуу коомдук саламаттыкты сактоонун кризистери учурунда ушул ыкташтыруу борборлорунда өзүнө маанилүү ролду алууга тийиш.

ШӨО шайлоо менен байланышкан ыкташтыруу ишмердүүлүгүн көп жетектешсе да, COVID-19дун күнүмдүк турмуштун бардык аспектилерине терең сүңгүүчү таасирин эске алып,  көпчүлүк өлкөлөр өздөрүнүн эң улук административдик бөлүмдөрүнүн катышуусу менен атайын максаттуу топторду түзүшкөн. Курамына премьер-министрдин же вице-президенттин кеңсеси кирген максаттуу топтордун ишинин артыкчылыктары көп сандуу, мисалы, бюрократиялык катмарларды жоюу жана зарыл каражаттарга өз убагында жетүүнү камсыздоо. Бул максаттуу топтор өз мүнөзү боюнча катаал техникалык эмес, саясатташкан боло алгандыктан, ШӨОнын жетекчилиги демократиялык шайлоону даярдоо жана уюштуруу боюнча өзүнүн юридикалык ыйгарым укуктарына көңүлдү топтоштурган бойдон калуусу кажет.

Башка өкмөттүк институттар менен иш-аракеттерин ыкташтырууга өз салымын максималдаштыруу жана түпкү жыйынтыкта шайлоо өткөрүлөбү же жокпу, ага карабай, андан пайда алуу үчүн ШӨО көңүл топтоштуруусу тийиш болгон үч түйүндүү милдет бар. Кийинки үч иш-аракет коомдук саламаттыкты сактоонун кризиси учурунда шайлоо менен байланышкан иш-чараларды өткөрүүнү уюштуруу тапшырылган бардык ШӨО үчүн түптүү мааниге ээ болот:

- **Коомдук саламаттыкты сактоонун компетенттүү жергиликтүү органдары жана эксперттер менен чогуу**, бардык шайлоо процесстерин жана алар менен байланышкан инфекцияны жугузуу тобокелдерин кучагына алган калктын саламаттыгы үчүн тобокелдерди биргелешкен баалоо жүргүзүү. Бул кээ бир ШӨО шайлоонун чынчылдыгы көз карашынан (б.а. алдамчылыкты, системалуу буйлалап жетелөөлөрдү жана укукка сыйбаган иш-аракеттерди болтурбоо үчүн) жүргүзүп жатышкан тобокелдерди баалоого кошумча болуп саналат.

- Баалоонун жана кызыкдар тараптар – мисалы, саясий партиялар, жарандык коомдун уюмдары (ЖКУ) жана байкоочулардын топтору менен кеңешүүлөрдүн натыйжасында – эрежелер менен жол-жоболордогу зарыл өзгөртүүлөрдү, ошондой эле шайлоо органдарынын жана башка кызыкдар тараптардын кызмат адамдарынын тиешелүү кызматтарды аткаруусу үчүн сатып алуу зарыл болгон кошумча материалдарды кенен-чонон сыпаттоочу **тобокелдерди азайтуу мерчемин иштеп чыккыла**. Кээ бир учурларда мыйзамдарга толуктоолор каралат[30]. ШӨОна тобокелдерди азайтуу боюнча ушундай чаралар

жөнүндө коомчулукка түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнүн жана маалымдоонун мерчемин да иштеп чыгуу зарыл болот.

- Бул мерчемди **ШӨОнын жаңыланган ыкчам мерчемине жуурулуштуруу**. Бул, көбүнчө, шайлоону өткөрүү графигин жана бюджетин кайра карап чыгууну да талап кылат.

## I этап: Шайлоо алдындагы ишмердүүлүк

## Шайлоону жана ресурстарды колдонууну мерчемдөө

### Шайлоону өткөрүүнүн мөөнөтүн жылдыруу жана анын графиги менен мыйзамдык жоболоруна башка өзгөртүүлөр боюнча ой-пикирлер

COVID-19 бүткүл дүйнө боюнча таралып жаткандыктан, дээрлик 60 өлкөлөр жана аймактар ири шайлоо иш-чаралары инфекциянын жугуу темптерин тездетиши жана ШӨО мындай тобокелдерди тийиштүү түрдө токтото алышпоосу мүмкүн деген кооптонуулардан улам улуттук жана субулуттук шайлоолорду жылдыруу жөнүндө жарыялашты. Бул мөөнөтүн жылдыруулар кээде шайлоочуларды жана шайлоолордогу кызмат адамдарын коргоо үчүн мыкты чечим боло алса дагы, алар саясий буйлалап жетелөөлөр жана бийликти кыянат колдонуулар үчүн да мүмкүнчүлүк бере алышат[31]. Лидерлер коомдук саламаттыкты сактоонун кризисин шайлоо процесстерин токтотуу жана өз бийлигин кеңейтүү үчүн шылтоо катары колдонушуп, ансыз да туруксуз мезгилде демократиялык принциптерге кыйраткыч таасир кыла алышат. Эгерде мөөнөтүн жылдыруу жарандарды коргоо үчүн жападан-жалгыз мүмкүн болгон чечим болуп саналса, анда ШӨО жана башка мамлекеттик органдар шайлоонун мөөнөтүн жылдырууну жөнгө салган мыйзамдык жоболорду сактоого; саламаттыкты сактоо органдары жана шайлоону өткөрүүгө кызыкдар тараптар менен кызматташтыкта тобокелдерди баалоону жана кыйла кеч мөөнөткө мерчемдерди иштеп чыгууга; эгерде бул мүмкүн болсо, шайлоону өткөрүү үчүн жаңы күндү аныктоого; коомчулукка мындай чечимдердин мотивдери жөнүндө жана кызыкдар тараптарга калктын саламаттыгы үчүн тобокелдерди азайтуу үчүн көрүлүүчү иш-аракеттер жөнүндө кабарлоого тийиш.

## Шайлоону өткөрүү күнү боюнча ой-пикирлер

Шайлоо күндөрүн же масштабдарын аныктоодо факторлордун бүтүндөй бир катары, анын ичинде аба ырайы эске алынат. Шайлоо, мисалы, шайлоочулар ачык абада боло алышсын жана жабык имараттарда чогулуулардан кача алышсын үчүн, кыйла ченемдүү аба табы бар же жаан-чачындын саны аз маалга мерчемделген боло алат. Эгерде илдеттерди чиркейлер же курт-кумурскалардын башка түрлөрү өңдүү ташуучулар жугузушса, бийликтер алар качан көбүрөөк активдүү болушарын да эске алуусу керек. Кыйла жогору аба таптары кадимки сасык тумоо чакыруучу сасык тумоо өңдүү вирустар үчүн азыраак жагымдуу. 2003-жылы ОКРСдун (оор курч респиратордук синдромдун) таралуусу да аба табынын жогорулоосу менен кыскарган. Кээ бир эксперттер АКШ менен Европада кыйла ысык жана нымдуу аба ырайында COVID-19тун жайылуусунун  ченемдүү азаюусун күтүп жатышкан маалда[32], акырындоо чоң болобу, али белгисиз, ал эми илдеттин Түштүк жарым шарында таралуусу коронавирустун жайылуусун токтотуу үчүн кыйла жогору аба табы жетишсиз экенин көрсөтүп жатат.

Шайлоону жана шайлоо ишмердүүлүгүн өткөрүү мөөнөттөрүн дайындоо жөнүндө чечим ушул илдеттин жайылуусун да эске алууга тийиш. COVID-19 пандемиясына келсек, анда БДССУ инфекциянын төрт категория боюнча жайылуусунун варианттарын классификациялаган:[33] 1) оору учурларынын жоктугу; 2) оорунун жеке учурлары; 3) оорунун бир катар учурлары; жана 4) адамдардын топторунун белгисиз булактан оору жугузуусу – көбүрөөк оор категория, мында өлкөнүн кээ бир аймактарында өз ара байланышпаган бир нече топтор айкындалат. Ушул көбүрөөк жагымсыз варианттардын кээ биринде өкмөт тарабынан кабыл алынуучу милдеттүү изоляция жана сапарларды катаал чектөө өңдүү чаралар, жеке келүү менен шайлоону максатка ылайыксыз кылат.

ШӨО өз өлкөсүндө же аймакта илдеттин тутануу стадиясын да көңүлгө ала алышат. Кабарланган маалыматтар ишенчиликтүү болгон шартта, өлкөдөгү же аймактагы илдеттин өсүү траекториясын талдоо бийликтерге инфекциянын өсүп жатканы, туруктташканы же азайганы жөнүндө элестетүү берүүгө тийиш. Жаңы тутануулар орун алышы мүмкүн болгондуктан, бул өзгөрмө өзүнөн-өзү шайлоонун коопсуздугун кепилдей албаса да, туруктуу жана төмөндөгөн сандар шайлоо үчүн кыйла оптимисттик сценарийди беришет.

Акырында, өлкөнүн саламаттыкты сактоо системасынын дараметин жана түзүмүн, ошондой эле шайлоо учуруна карата ооруканалардын болжонгон толуу деңгээлин да карап чыгуу керек. Эгерде оорукана керебеттерине жана өпкөнү жасалма желдетүү аппараттарына суро-о-талап өлкөнүн максималдуу жүктөмүнө жетсе, шайлоону өткөрүү саламаттыкты сактоо системасына күч келтирүүсү жана аны кыйро-ого чукулдатуусу мүмкүн, ошондой эле ушуга байланыштуу ЖККрын эң маанилүү тапшыруулар ооруканалардан шайлоо объектилерине кайра багыттала турган болот.

## Кошумча материалдарды, жабдууларды жана корлорду айкындоо жана сатып алуу боюнча ой-пикирлер

Шайлоону өткөрүү ыгын жеке келүүдөн аралыктык альтернативага өзгөртүүдө ШӨОна сатылып алынуучу материалдарга жана/же жаб-дууларга бир катар өзгөртүүлөрдү киргизүү талап кылынат. Мисалы, буга укуктук база жол берген жерде, почталык же алыстан шайлоо бюллетендери системасын киргизүү же кеңейтүү конверттердин, по-чтадан жөнөтүү үчүн акы төлөөнүн санын көбөйтүүнү жана бюлле-тендерди иштетүү үчүн имараттардын аянтын көбөйтүүнү, ошондой эле кошумча персоналды топтоону жана окутууну талап кылат. Шай-лоо жол-жоболору онлайн-шарттамда жүзөгө ашырылганда, коопсуз виртуалдык платформаларды иштеп чыгуу жана тейлөө үчүн сатып алуулар талап кылынышы мүмкүн.

Шайлоону жеке келүү менен баштаган учурда ШӨОна баары бир шайлоочулар менен талапкерлерди каттоо жана добуш берүүнү өт-көрүү учурунда оорулардын жугуусу тобокелин азайтуу максатында кошумча сатып алууларды тариздөөгө туура келет. Баары өз уба-гында жана жетиштүү санда келип түшсүн үчүн тиешелүү ресурстар менен тапшыруучулар максималдуу ачык жана ылдам аныкталганы жана сатып алуулар жүзөгө ашырылганы абдан маанилүү. Өзгөчө COVID-19 пандемиясы өңдүү ири тутануулар учурунда, камсыз кылуу системасындагы үзгүлтүктөр кээ бир өнүмдөргө глобалдуу жогору су-роо-талаптан улам жана балким, өндүрүүчүлөргө өз ишмердүүлүгүн убактылуу токтотууга туура келгендиктен улам болуп өтүүсү мүмкүн. Ошондуктан шайлоону өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алынганга чейин шайлоо органдарынын кызматчылары бардык зарыл мате-риалдардын барлыгын жана аларды өз убагында жеткирүүнү камсы-здашканы сунушталат. Зарыл товарларды тапшыруулар системасы идеалында өлкөдө даярдалып жаткан добуш берүү үчүн материал-дарды тапшыруулар системасына таянууга тийиш.

Мурда белгиленгендей, COVID-19 жугузуу тобокелдерин азайтуу үчүн шайлоо участокторуна, көбүнчө, төмөнкү тапшыруулар талап кылынат:

- Колдорду тазалоо жана дезинфекциялоо үчүн **самын же спирттүү эритме** жана башка беттер үчүн уруксат кылынган **дезинфекциялоочу каражаттар**. Ар бир зарыл өнүмдүн саны шайлоочулардын, шайлоо участокторунун жана ШӨО өткөрүүнү мерчемдеп жаткан бардык башка иш-чаралардын (мисалы, шайлоочуларды каттоо боюнча иш-чаралар, шайлоо участокторунун кызматчылары үчүн тренингдер) санынан көз каранды болот. Шайлоочулардын келүүсү 100 пайызга жетери күмөн болсо дагы, ШӨО шайлоо күнүндөгү шайлоочулардын максималдуу мүмкүн болгон саны үчүн шарттарды алдын-ала караштырууга тийиш.

- **Жүз үчүн беткаптар**, эгерде алар туура жасалса жана кийилсе, тамчылардын майда дем алуу бөлүкчөлөрүнүн белгилүү бир пайызын кармап кала жана айланадагы башка адамдар ушундай суюктуктар менен байланышары ыктымалдуулугун азайта алышат. Өнүмдөрдүн чектелбеген тапшырууларын болжогон оптималдуу шарттарда, №95 респираторлор, алардын жогору майнаптуулугун эске алып, жакшы вариант болуп саналат[34]. Хирургиялык беткаптар да пайдалуу, алар №95 респираторлорго караганда азыраак коргоону камсыздашса дагы. Ушул материалдардын глобалдуу таңсыктыгын эске алып, медициналык кызматчылар №95 респираторлорду жана хирургиялык беткаптарды алууга абсолюттуу артыкчылыкка ээ болууга тийиш. Эгерде таңсыктык мурдагыдай эле чоң болсо, ШӨО шайлоо участокторунун кызматчылары, шайлоо комиссияларынын башка кызмат адамдары – жана, эгерде бюджет жана жеткиликтүүлүк жол берсе – шайлоочулар үчүн кездеме беткаптарын сатып алуу өңдүү альтернативалуу варианттарды карап чыгуулары абзел. Эгерде кездеме беткаптар колдонулса, анда зарылдыгы болсо аларды жууш боюнча тиешелүү нускамаларды билдирүү керек. Эгерде ШӨО шайлоочуларга беткаптарды берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушпаса, анда алар шайлоо иш-чараларына катышуучу шайлоочуларга өз беткаптарын сатып алууну же жасоону кубаттоосу жана нускамалоосу кажет. ОКАБ колдон жасалган беткаптарды даярдоо боюнча нускаманы берди[35].

Шайлоо участкаларынын тастыкталган COVID-19 вирусу бар шайлоочулар менен түздөн-түз байланышта турушкан кызматчылары, жана шайлоочуларга жардамдаша тургандар жана ошондуктан талап кылынган денелик аралыкты сактай албагандар үчүн, **жарым тунук жүз калканчаларын** колдонуу мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу жакшы болмок. Жарым тунук беткаптар да дүлөй жана угуусу начар шайлоочуларга шайлоо участкасынын кызматчыларынын эриндери боюнча окууга жардам кыла алышмак.

- **Трос, аркан, жип, тасма, желимдегичтер жана узундукту өлчөөчү тасмалар** кезектердеги жана ар бир шайлоо жол-жобосундагы денелик аралык протоколдорун сактоону камсыздоого жардам кыла алышат. Шайлоочулардын кезегин кармап туруу үчүн ар бир шайлоо тилкесинде ушундай бир же бир нече пункттарды колдонуу сунушталат. Бул жер-жерлерде азгантай сарптоолор менен сатылып алынышы ыктымал да, тиешелүү саны мурда добуш берүү процессинде тажрыйбага ээ болгон кызмат адамдары тарабынан баарынан мыкты текшерилет. Кезекте тургандардын арасында тиешелүү аралыкты чоңойтуу үчүн тасмаларды же аркандын үзүктөрүн троско же жипке алты фут аралык менен байлоого болот, ал эми тасмаларды же желимдегичтерди процесстин ар бир этабында ар бир адам турууга тийиш болгон астанада колдонууга болот. Кезектерди текшерүүчүлөр мурдагыдай эле талап кылынган денелик аралыкты сактоону камсыздоого тийиш.
- **Оргайнектен экрандар же башка жарым тунук калканчтар**, эгерде андайлар бар болсо, шайлоо участокторунун кызматчылары жана шайлоо органдарынын башка кызмат адамдары менен шайлоочулардын ортосунда ар кыл жол-жоболор учурунда – мисалы, шайлоочуларды каттоодо, текшерүүдө же шайлоочулардын тизмесине кол коюуда коргоочу тосмо түзө – жана тамчылардын бир адамдан башкасына түшүүсүнөн коргоого жардамдаша алат. Бул калканчтарды да тиешелүү каражаттар менен тез-тез дезинфекциялоо керек да, адамдар аларга кол тийгизүүдөн качуулары абзел.
- **Колгаптар** шайлоо участокторунун кызматчылары жана шайлоо комиссияларынын башка кызмат адамдары үчүн, аларды кийген адамдар керек болсо алар колгап кийип жүрүшкөндө жүзүнө кол тийгизбөөсү керектиги жөнүндө нускамаланган шартта, фомиттер жана шайлоочулар менен түз алакадан ка-

чуу үчүн этияттык чаралары катары карала алышат. Ар бир жуп колгапты кыска мезгил ичинде кийүү керек. Эгерде корлор жана ресурстар жол беришсе, анда шайлоо участокторунун кызматчылары үчүн ар бир шайлоо тилкесине – бир куту колгапты – адатта кутуда 50 жуп болот – берүү сунушталат. Бул кызматчыларга колгаптарды көп алмаштырууга жол берет. Бардык колдонулган колгаптар тийиштүү түрдө чечилүүгө жана жабык контейнерлерге коопсуз салынууга тийиш. Бардык шайлоо жол-жоболору учурунда шайлоочуларга таасир кылуу салыштырмалуу кичине болгондуктан, аларга колгаптарды кийүү сунушталбайт; шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө чейин жана андан кийин колдорду дезинфекциялоо толук жүзөгө ашарлык жана кыйла майнаптуу[36]. Колгаптар адамдарга жалган корголгондук сезимин бере[37] жана алар беттердин чоң санына же өз жүзүнө кол тийгизүүсүнө алып келе алышат, бул колдорду дезинфекциялоону кыйла кыйын же кыйла сейрек кылат да, эгерде алар тийиштүү түрдө утилденбесе тобокел жаратат, бул аларды миллиондогон адамдар колдонушканда чоң ыктымалдуулук менен болуп өтөт.

- Эл алдындагы бардык иш-чараларда шайлоочулар жана шайлоо процессинин башка катышуучулары үчүн гигиена боюнча нускамаларды камтышкан **окуу материалдарынын** баргы көшөрө сунушталат. Плакаттар шайлоо участокторунун ичинде да, алардын чектеринен сыртта да өлкөдө сүйлөшкөн тилдерде жана түшүнүктүү сүрөттөрү менен илинген болууга тийиш. Шайлоо органдарынын кызматчылары, кайсыл плакаттар көбүрөөк маанилүү болуп саналарын аныктоо үчүн саламаттыкты сактоо органдары менен кызматташууга, жана аларды даярдаган мекемелер менен байланышууга тийиш. Ошол материалдардын көпчүлүгү улуттук жана эл аралык мекемелер тарабынан акысыз берилиши толук ыктымал.

- **Радиоуктуу менен телекөрсөтүү жана башка шайлоого тиешелүү эл алдындагы билдирүүлөр**, шайлоо тилкелерине келгенге чейин маалымат алуу үчүн шайлоочуларга арналган жөнөкөй, бирок конкреттүү медициналык көрсөтмөлөрдү камтууга тийиш. Кыйла кенен маалыматты «Шайлоочуларга билим берүү» бөлүмүнөн табууга болот. Бул билдирүүлөр мамлекеттик кызматтын башка билдирүүлөрү менен макулдашкандыкты камсыздоо үчүн саламаттыкты сактоо органдары менен кызматташтыкта иштелип чыккан болуусу абзел. Эгерде бул билдирүүлөр шайлоо учуруна мерчемделген маалыматка

жана жалпыга маалымдоо каражаттарына байланган болушса, анда бюджет үчүн кесепеттери азайтылган болот. Билдирүүлөр жаңсоолор тили жана ири арип өңдүү жеткиликтүү калыптарда, ошондой эле жергиликтүү тилдерде даярдалган болуусу кажет. Маалыматты таратуу стратегиялары аялдарды, жаштарды, майыптарды жана башка калктын адатта жетишсиз берилген топторун кучагына алууга жөндөмдүү колдо бар каналдарга таянуусу абзел.

Батыш Африкада Эбола тутанган учурда байланышсыз термометрлер пайдалуу болуп чыгышса, жана кээ бир өлкөлөр аларды азыркы COVID-19 тутанган учурда колдонушса дагы, кийинки учурда аларды колдонуу кыйла азыраак пайдалуу болду. Термометрлер жалган оң же жалган терс натыйжаларды бериши мүмкүн[38] – өзгөчө эгерде адам дене табын түшүрүү үчүн дарыларды ичкен болсо – жана алар оорунун симптомдору жок адамдардан инфекциянын белгилерин байкай алышпайт. Жогору дене табы Эболанын эртедеги симптомдорунун бири болуп саналса жана илдетти жугузган адамдар аларда оорунун симптомдору пайда болгонго чейин жугуштуу болушпаса дагы, жакындагы маалыматтар COVID-19 бар адамдарда симптомдор болбоосу мүмкүндүгүн, жана алар дагы эле вирусту башкаларга жугуза алышарын көрсөтүшөт[39]. Өзгөчө ресурстар жетишсиз болгон шарттарда термометрлерге артыкчылык берилбөөгө тийиш.

## Бюджет жана кошумча чыгымдар боюнча ой-пикирлер

ШӨО жогоруда саналган бардык ресурстар кошумча чыгымдарды болжошорун эске алуулары абзел. Оорунун тутануусу канчалык кеңири жайылганына жараша, өлкөдөгү же аймактагы башка уюмдар үчүн ушундай эле тапшыруулар зарыл болуусу толук ыктымал, бул дараметтүү түрдө таңсыктыкка жана баалардын кескин өсүүсүнө алып келет. Мындан тышкары, жаңы тапшыруулар – бул коомдук саламаттыкты сактоонун кризиси учурундагы шайлоого кошумчаланган жападан жалгыз алдын-ала көрүлбөгөн чыгымдар эмес. Оору тутанган учурда шайлоо иш-чаралары же жол-жоболору шайлоочулардын жеке келүүсү менен жүргүзүлгөндө, ШӨО чогулуулардын санын азайтуунун жана катышуучулардын ортосунда зарыл денелик аралыкты кармоонун ыктарын карап чыгуусу кажет. Бул чечимдер мезгилдин каалаган учурунда чакан топторго талап кылынган аралыкты сактоо мүмкүнчүлүгүн камсыздоо үчүн өзүнө каттоочу борборлорду бир нече күнгө ачууну, шайлоо участокторунун кызматчылары үчүн тренингдердин чоң санын уюштурууга жана өткөрүүгө көмөктөшүүнү, ошондой эле көбүрөөк имараттарды ижаралоону

камтый алышат. Мындан тышкары, ЖККнын ар кыл калыптарын туура колдонууга карата өзгөртүлгөн жол-жоболорду жана жаңы талаптарды эске алып, тренингдерди өткөрүү кошумча убакытты талап кылат. Ушул варианттардын бардыгы, көбүнчө, сарптоолордун көбөйүүсүнө алып келет.

> “ШӨО бардык ушул кошумча чыгымдарды, жана алар ага жол бере алышабы же жокпу, эске алууга, бюджеттин чегинен чыккан чыгымдарды жабуу үчүн башка өнөктөштөр жана мекемелер менен кызматташууга, жана чараларга артыкчылык берүүнүн көбүрөөк зарыл керектөөлөрүн аныктоо үчүн өз иш-аракеттерин саламаттыкты сактоо органдары менен ыкташтырууга тийиш”.

Акыры, эгерде ШӨО шайлоо ишмердүүлүгүн жана операцияларын жеке кездешүүлөрдөн качып улантууну чечишсе, анда алыстан альтернативалуу варианттар менен бир катар башка чыгымдар байланышкан болушу мүмкүн. ШӨО, мисалы, онлайн-платформаларга, виртуалдык тренингдерге, почта боюнча жөнөтүү үчүн калыптар менен материалдарга жана ошол ресурстарды мыйзамдуу колдонууну камсыздоо үчүн коопсуздук чараларына инвестициялоого тийиш. ШӨО бардык ушул кошумча чыгымдарды жана алар ага жол бере алышабы же жокпу, эске алууга, бюджеттин чегинен чыккан чыгымдарды жабуу үчүн башка өнөктөштөр жана мекемелер менен кызматташууга, жана чараларга артыкчылык берүүнүн көбүрөөк зарыл керектөөлөрүн аныктоо үчүн өз иш-аракеттерин саламаттыкты сактоо органдары менен ыкташтырууга тийиш.

## Талапкерлерди каттоо

### Талапкерлерди почта аркылуу каттоо боюнча ой-пикирлер

Талапкерлерди каттоо процесси саясий партияларга жана көз карандысыз талапкерлерге өздөрүнүн шайлоого катышуусун расмий тариздөөгө жол берет. ШӨО каттоодо берилген партия жана талапкер жөнүндө маалыматты колдонуп, шайлоо күнүндө колдонуу үчүн басма же электрондук бюллетендерди өндүрүшөт. Каттоодо берилген маалымат шайлоо бюллетендери үчүн колдонула турган болгондуктан, бардык маалымат туура болгону өтө маанилүү, анткени каталар шайлоо бюллетендеринин укук ченемдүүлүгүнө жана аларды өндүрүүгө таасир кылышат.

Өлкөнүн талапкерлерди каттоону жөнгө салуучу шайлоо системасына жана укуктук базасына жараша, бул процесс маанилүү даражада же буюртма каттын жардамы менен, же жеке бүткөрүлө алат. Почта боюнча жөнөтүү мүмкүнчүлүгү өтүнмө берүүчүлөрдүн саламаттыгы үчүн азыраак тобокел жаратат жана ал тобокелдер өтүнмө берүүчүлөр үчүн да, талапкерлерди каттоого өтүнмөлөрдү иштетүүчү кызмат адамдары үчүн да жоюуга салыштырмалуу жөнөкөй болот. Кандай экени «Шайлоо участокторунун иштөөсү» бөлүмүндө кыйла кенен сыпатталган. Бланктарды үйдөн толтуруучу адамдар, процесс бүткөндөн кийин колдорун дезинфекциялоого тийиш, ал эми кайтарылып келинүүчү конверттер идеалында өзү желимделүүчү болуусу абзел. Эгерде андайлар жок болсо, конвертте адамдарга конверттерди шилекейдин жардамы менен желимдебөөнү эскертүүчү жана коопсуз альтернативаларды: мисалы, желимди жибитүү үчүн нымдуу соргучту сунуштоочу нускамалар басылган болуусу кажет. Өтүнмөлөрдү почта аркылуу алган кызмат адамдары, колгаптарды колдонуу, колдорду дезинфекциялоо протоколдорун кармануу, жүзүнө кол тийгизүүдөн качуу жана имаратта денелик аралыкты сактоо талаптарын сактоолору абзел.

## Талапкерлерди жеке катышуу менен каттоо жол-жоболору жөнүндө ой-пикирлер

Талапкерлерди каттоо процесстеринин көпчүлүгү, мейли ал расмий документтердин түпнускаларын көрсөтүү, бланктарга кол коюу же шайлоо бюллетени үчүн фотосүрөттү алуу үчүн болобу, дараметтүү талапкерлердин атайын бюродо убакыттын белгилүү бир учурунда денелик катышуусун талап кылат[40]. Кээ бир учурларда саясий партиянын өкүлүнүн же күбөлөрдүн катышуусу да талап кылынат, бул бир эле мекемедеги адамдардын санын көбөйтөт. Ошентип, талапкерлердин өзүн каттоо үчүн жай тандоодо ШӨОнын кызмат адамдары имараттын сыртында же ичинде кезекти күтүп турушкан адамдар үчүн денелик аралыкты, кирүү менен чыгуунун тийиштүү протоколдорун жана кызматчылар коопсуз жагдайда иштей алышсын үчүн жетиштүү аралыкты эске алуулары абзел. Атайын имаратка киреrден мурун, талапкерлер колдорду дезинфекциялоонун тиешелүү жол-жоболорунан өтүүсү кажет. Ошондой эле тиешелүү нускамалар бар плакаттар илинген болууга тийиш.

ШӨО талапкерлер каттоо учурунда системага киргизилген жеке маалыматты тастыктоолорун талап кылып, талапкерлерди каттоо системаларын шайлоо бюллетендеринин компьютердик дизайны менен улам көп жуурулуштурушат. Талапкерлерди каттоонун интеграция-

ланган компьютерлешкен системасын колдонгон кеңселерде, техникалык жабдууну колдонууда, тийиштүү документацияны алмашууда, бланктарга кол коюуда жана фотосүрөткө тартууда COVID-19 жугуу тобокелдерин азайтуу, «Шайлоочуларды каттоо» бөлүмүндө сыпатталган чараларды камтый турган болот. Талапкерлерди каттоонун жетектөөчү принциптерин иштеп чыгууда ШӨО бүткүл процесс ичинде тийиштүү денелик аралыкты сактоону, колдорду дезинфекциялоону жана дем алуу жолдорунун гигиенасын камсыздоо боюнча нускамаларды камтуусу абзел. Өтүнмө берүүчүлөргө да, шайлоо комиссияларынын кызмат адамдарына да, документтерди бир нече жолу алмашууну жана талапкерлерди фотосүрөткө тартууда айрым адамдардын ортосундагы чукулдукту эске алып, жүз үчүн беткаптарды жана, балким, колгаптарды колдонуу сунушталат.

### Талапкерлерди каттоо үчүн колдоого колдорду чогултууга карата ой-пикирлер

Шайлоо укугуна ээ болгон шайлоочулардан дараметтүү талапкерлерге колдоо катары колдордун минималдуу санын көрсөтүү талабы жалпы кабыл алынган практика болуп саналат. Жеке кездешүүдө миңдеген колдорду чогултуу жана колдордун буклеттерине кайрылуу коронавирустук инфекция үчүн бир канча тобокелдерди жаратат, анткени колдорду чогултуучулар жана кол койгон адамдар бир бири менен өз ара аракеттешүүгө жана бир эле объектиге кол тийгизүүгө тийиш. Эгерде бул мүмкүн болсо, ШӨО талап кылынган колдордун санын кыскартуу же коопсуз платформаларды колдонуп интернетте колдорду чогултууга уруксат кылуу мүмкүнчүлүгүн карап чыгуусу керек.

## Шайлоо кампаниясы

### Салттуу жана жаңы медиа-кампаниялар жөнүндө ой-пикирлер

Шайлоо алдындагы агитация үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөр чынчыл шайлоо үчүн чоң мааниге ээ болот. Кызматтарды ээлеген адамдар мурдагыдай эле жалпыга маалымдоо каражаттарына жетүүгө ээ болушкан жана, балким, коомдук саламаттыкты сактоо жаатындагы кризистер учурунда кошумча маалымат ала алышкан учурда, оппозицияга, жаңы талапкерлерге жана ресурстары аз талапкерлерге чектелген эл алдындагы иш-чаралар же толук изоляция учурунда белгилүүлүккө жетүү кыйынырак болушу мүмкүн. Көптөгөн өл-

көлөрдө кээ бир кызматтарга көбүнчө эркектер турушат да, шайлоо алдындагы үгүттүн жүрүшүндөгү бул тоскоолдуктар да талапкер аялдарды көрсөтүүнү жана аларды шайлоону оорлото алат.

Мындай шарттарда бардык талапкерлер менен партиялар жалпыга маалымдоо каражаттарына адилеттүү жетүүгө ээ болушканы жана саясий каржылоо эрежелери сакталганы дагы көбүрөөк маанилүү болуп калат. ШӨО партиялар менен талапкерлердин маалыматтык чекиттерге жетүүсүн жеңилдетүү үчүн мамлекеттик дагы, жеке менчик дагы ЖМКры менен иш-аракеттерди ыкташтыруу мүмкүнчүлүгүн карай, жаңы талапкерлерге өздөрүнүн саясий платформаларын тааныштыруу мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн телевизиондук дебаттарды көп уюштурууну сунуштай алышмак. ШӨО ресурстары аз талапкерлерге шайлоого катышуу үчүн түрткү берүү, мисалы, каттоо үчүн акыдан баш тартуу жөнүндө маселени карай алышат.

Бул мүмкүн болгон жерде, ШӨО саясий партияларды өз ишмердүүлүгү үчүн тобокелди азайтуу протоколдоруна ылайык өз ишмердүүлүгүн саламаттыкты сактоо органдары менен ыкташтырууга жана ушул илдет менен күрөш жөнүндө уланмалуу элестетүүнү камсыздоого чакыра алышат. Радиоуктуруудан, телекөрсөтүүдөн же онлайн берилген дебаттар, пресс-конференциялар жана башка иш-чаралар тобокелди азайтуу боюнча атайын чаралар менен коштолууга тийиш. Катышуучулар башка адамдардын жанында турушканда эч жок дегенде бири-биринен алты фут алыс отурууга, ЖККрын колдонууга (өзгөчө жүз үчүн беткаптарды) жана колдорду дезинфекциялоонун жогоруда сыпатталган протоколдорун аткарууга тийиш. Сүйлөөчүлөр беткаптарды кийип алышканда эриндер боюнча окуу мүмкүн эмес болгондуктан, дүлөйлөр үчүн титрлер жана жаңсоолор тилинин котормочулары маалыматтын жеткиликтүүлүгүн камсыздоо үчүн дагы чоң мааниге ээ болушат. Экрандар, клавиатуралар жана микрофондор өңдүү электрондук түзүлүштөр, өндүрүүчүнүн нускамаларына ылайык санитардык иштетүүгө дуушарлантылган болуусу кажет. Өзгөчө иш-чаралар видеобайланыш боюнча берилгенде, катышуучулар алардын жүрүм-турумуна байкоо жүргүзүп жатышканын аңдоосу абзел да, лидерлер жана таасирдүү адамдар болгондуктан, алар жакшы мисал берүүлөрү жана илдеттин жайылуусун азайтуу үчүн тиешелүү этияттык чараларын моделдештирүүлөрү абзел.

## Жеке келүү менен эл алдындагы митингдер боюнча ой-пикирлер

Көпчүлүк өлкөлөр COVID-19дун жайылуусун ооздуктоо үчүн чогулууга жол берилүүчү адамдардын санына чектөөлөр киргизишкендиктен, шайлоо алдындагы митингдер өңдүү эл алдындагы шайлоо иш-чаралары негизинен токтотулуп коюлган. Эгерде буга бийликтер уруксат кылса, анда бул иш-чаралар да бир катар сунуштарга ылайык өткөрүлүүгө тийиш.

Коомдук митингдерди жана башка агитациялык иш-чараларды көзөмөлдөө кыйын, жана алар адатта ШӨОнын түз компетенциясынан сыртта турушат. Бирок керек болсо ушул учурда да ШӨО же саясий партиялар салаамттыкты сактоо органдары менен кызматташтыкта онлайн-форумга, семинарга же тренингге демөөрчүлүк кыла алышат, анда тобокелди азайтуунун негиздери каралат да, талапкерлер маселелер менен көйгөйлөрдү козгоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Мындан тышкары, саясий партиялар саламаттыкты сактоо органдары менен ыкташтырууда эл алдындагы иш-чараларды өткөрүү үчүн ылайыктуу окуу материалдарын аныктоолору тийиш. Талапкерлер жана алардын командалары, бардык митингдерде зарыл денелик аралык сакталышын, тобокел тобунда турушкан адамдар корголгон болушун жана жабык бөлмөлөрдө иш-чараларды өткөрүү үчүн имараттарга кирүү жана чыгуу протоколдору сакталышын камсыздоо үчүн жоопкерчиликти өздөрүнө алуулары абзел. Бул протоколдор кирүүнүн жана чыгуунун алдында колду самын жана суу же спирттүү эритмелер менен дезинфекциялоону, ошондой эле байланыштан качуу үчүн адамдардын имаратка тартиптештирилген түрдө кирип-чыгуусун камтуусу кажет. Катышуучулар жүз үчүн беткаптарды тагынуулары да тийиш. Партиялар жана талапкерлер тарабынан берилген бардык коомдук чогулуштарга чакырууларда, катышуунун жетектөөчү принциптерин баяндаган коомдук саламаттыкты сактоо бөлүмдөрү болуусу кажет. Сценадагы чечендер да саламаттыкты сактоо органдары тарабынан сунушталган башка адамдардын катышуусунда беткаптарды тагынуу, тарапташтардын арасында кол алышуудан качуу жана түз байланыштын ар кандай башка калыптарынан баш тартуу өңдүү этияттыктын бардык чараларын сактоолору абзел.

## Калкка жашаган жери боюнча үгүт жүргүзүү жөнүндө ой-пикирлер

Калкка жашаган жери боюнча үгүт жүргүзүүчү адамдар да, адамдардын ортосундагы өз ара аракеттешүүнү чектөө, баракчаларды жана башка үгүт материалдарын берүү менен байланышкан тобокелдерди азайтуу үчүн, тобокелдерди азайтуу боюнча чараларды кармануга тийиш. Мурда жогоруда айтылгандай, үгүттүн катышуучулары башка адамдардан коопсуз аралыкта карманышканы; беткаптарды же башка коргонуу каражаттарын тагынышканы; жана материалдарды жеткирүүнүн ашыкча кол тийгизүүлөрдү азайткан ыктарын колдонушканы (мисалы, материалдарды түздөн-түз жашоочулардын колуна бербестен, эшиктин сыртында калтырышканы) маанилүү.

## COVID-19 жөнүндө дезинформация жана илдет темасындагы публикациялар шайлоого келүүнү же анын натыйжаларын буйлалап жетелөө үчүн колдонулары жөнүндө ой-пикирлер

Шайлоо кампанияларынын башка бир маанилүү аспектиси билдирүүлөрдүн мазмуну болуп саналат. Коомдук саламаттыкты сактоонун кризиси учурунда кызматчылар да, оппозициялык талапкерлер да шайлоо процесстериндеги өзгөртүүлөрдү жана жарандардын саясий пайда менен байланышкан кооптонууларын колдонууга аракеттенүүлөрү мүмкүн[41]. Мисалы, талапкерлер алар сурамжылоолорду анчалык жакшы жүргүзүшпөгөн белгилүү бир аймактарда шайлоочулардын келүүсүн азайтуу үчүн илдет жугузуу тобокелин ашыра чоңойтууга, же конкреттүү топтор менен байланышкан талапкерлерге зыян кылуу үчүн илдетти ошол топтор менен байланыштырган публикацияларды колдонууга араеттенүүлөрү мүмкүн. ШӨОна саясий партиялардын жүрүм-турум кодекстерин иштеп чыгуу же колдо бар жүрүм-турум кодекстерине COVID-19 бөлүмдөрүн киргизүү, алардын принциптерин бузгандарды жазалоо, бузуучуларды айкындоо жана чара көрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу үчүн шайлоо кампанияларын дыкат көзөмөлдөө сунушталат.

## Шайлоочуларга билим берүү

### Шайлоочуларга оору жана аны менен байланышкан этияттык чаралары жөнүндө маалымдоо жаатындагы ой-пикирлер

Адамдар шайлоо процесстеринин жүрүшүндө кантип коопсуз аракеттенүүнү билүүлөрүн жана шайлоо органдарынын кызмат адамдарынын, шайлоочулардын жана башка кызыкдар тараптардын арасындагы алардын катышуусун коркунуч астына коюучу негизсиз кооптонууларын таратууну камсыздоо үчүн билим берүү чечүүчү мааниге ээ болот. Шайлоочулар вирус жөнүндө, ал кантип жугаары жана аны жугузууну кантип болтурбоо жөнүндө негизги түшүнүктөрдү алуусу зарыл. ШӨО шайлоо учурунда алар тобокелдерди азайтуу жана шайлоочулардын, ошондой эле башка кызыкдар тараптардын саламаттыгын коргоо үчүн кабыл алышкан бардык иш-аракеттер менен чараларды так түшүндүрүүлөрү абзел. Коронавирусту жугузуу менен байланышкан билим берүүчү плакаттар, көрмө жана башка маалыматтык билдирүүлөр, бүткүл шайлоо мезгили ичинде адамдар чогулушкан бардык жерлерде чыгарылган же эл алдында көрсөтүлгөн болуусу кажет. Ар бир шайлоочуларды каттоо пунктуна, талапкерлерди каттоо бюросуна, шайлоо участогуна жана ШӨОнын туруктуу өкүлчүлүгүнө коомдук саламаттыкты сактоого тиешелүү плакаттарды жана башка билдирүүлөрдү жайгаштыруу боюнча конкреттүү нускамалар берилген болууга тийиш.

Окуу материалын иштеп чыгууда ШӨО төмөнкү өңдүү мединцалык сабаттуулук жатындагы алдыңкы тажрыйбаларды жетекчиликке алуусу керек[42]:

- Билдирүүлөрдүн санын чектөө: бир идеяны бир жолу талкуулагыла жана үч-төрттөн ашпаган нускамаларды бергиле (мисалы, колдорду дезинфекциялоо, жүзгө же ашыкча беттерге кол тийгизбөө, дем алуу органдарынын гигиенасын практикалоо, жүз үчүн беткаптарды тагынуу боюнча эскертмелер менен нускамалар).
- Шайлоочуларга эмне кылуу керектигин айткыла: иш-аракеттерге жана шайлоочулар эмнени кылбоого эмес, эмнени кылууга тийиш экенине көңүлдү топтоп, активдүү мамилени жана оң аныктаманы колдонгула (мисалы, «колуңарды дезинфекциялабай туруп, добуш бербегиле жана шайлоо тилкеси-

нен чыкпагыла» эмес, «добуш берүүгө чейин жана андай кийин колуңарды дезинфекциялагыла»).

- Сөздөрдү тандоо: айкындык үчүн техникалык же илимий тилден жана керексиз кыскартуулар менен аббревиатуралардан качып, кыска сүйлөмдөрдү жана жөнөкөй же тааныш сөздөрдү колдонгула. Тил да маданиятка ылайыктуу болуусу абзел.

- Көрмө (визуалдык) элементтерди тандоо: оңой окулуучу арип-тер менен өлчөмдөрдү, ошондой эле саламаттык менен байланышкан каалаган жүрүм-түрүмдү көрсөтүүчү сүрөттөрдү колдонгула. Ири өлчөмдө басуу мүмкүнчүлүгүн камсыздоо, маданий өзгөчөлүктөрдү жана кылдат учурларды эске алуу үчүн сүрөттөр жогору сапаттагы чечилишке ээ болууга тийиш.






*2014-жылкы Эбола тутанган учурдагы Либериядан шайлоочулар үчүн окуу материалдарынын мисалдары.*

ШӨО шайлоочуларга билим берүүнүн жардамы менен дезинформация жана калктын социалдык обочолонтулган топторуна карата жек көрүүнү тутантуу боюнча кампаниялар менен күрөшүүлөрү да керек.

## Шайлоочуларга жаңы шайлоо жол-жоболору жөнүндө маалымдоо жаатындагы ой-пикирлер

Жарандар вирус жөнүндө жана ал кантип таралары жөнүндө жакшы маалымдуу болушканы аздык кылат, алар саламаттыкты коргоо боюнча чараларды сактоо үчүн өзгөрүлүшү мүмкүн болгон шайлоо процессинин ар бир кадамын да түшүнүүлөрү абзел. Эгерде, мисалы, шайлоочулар дараметтүү фомиттерден качуу үчүн, өздөрүн таанытуучу документтерин шайлоо участокторунун кызматчыларына көп беришпесе, шайлоочуларды текшерүү боюнча жаңы нускамалар так жана мамлекеттик кызматтардын кулактандырууларынын жана башка кампаниялардын жардамы менен күн мурун түшүндүрүлгөн

болуусу кажет. Аларды шайлоо участогунда чагылтуу жана зарылдыгы болгон учурда шайлоо участокторунун кызматчылары аларды угузуулары керек. ШӨО менен ЖКО (жарандык коом органдары) шайлоочуларды агартуу социалдык обочолонтулган жамааттарды көп кучагына алышын камсыздоо үчүн өз иш-аракеттерин башка уюмдар менен ыкташтырууга жана алардын жеткиликтүүлүгүн камсыздоого, мисалы, субтитрлердин жана жаңсоолор тилинин жардамы менен, каражаттарды инвестициялоого да тийиш.

Шайлоочуларды каттоо, талапкерлерди көрсөтүү же добуш берүү өңдүү иш-чараларды өткөрүү үчүн альтернативалуу усулдарды колдонууда, ШӨО жаңы нускамаларды жарандарга кантип жеткирүүгө дагы көбүрөөк көңүл буруулары абзел. Онлайн же почта боюнча жөнөтүлгөн калыптар, алардын милдеттери тийиштүү түрдө аткарылсын үчүн, максималдуу жөнөкөй болууга, кенен нускамалар жана тастыктамалар же жарандардын башка кепилдиктери менен коштолууга тийиш. Жаңы жол-жоболорду жана технологияларды киргизүү шектенүүлөрдү жаратуусу мүмкүн, өзгөчө бир же бир нече тарап ушул процесстин легитимдүүлүгүн үзгүлтүккө учуратуудан пайда ала алган каршы туруулар шарттарында. Ошентип, маалыматтын ачыктыгы жана адамдар жаңы усулдарды кантип өздөштүрүшкөнүнө жараша колдоо кылышканы, натыйжаларды кабыл алууда чечүүчү мааниге ээ болушат..

> “Жаңы жол-жоболорду жана технологияларды киргизүү шектенүүлөрдү жаратуусу мүмкүн, өзгөчө бир же бир нече тарап ушул процесстин легитимдүүлүгүн үзгүлтүккө учуратуудан пайда ала алган каршы туруулар шарттарында. Ошентип, маалыматтын ачыктыгы жана адамдар жаңы усулдарды кантип өздөштүрүшкөнүнө жараша колдоо кылышканы, натыйжаларды кабыл алууда чечүүчү мааниге ээ болушат».

## Шайлоочуларды каттоо

### Шайлоочуларды каттоонун каражаттары жөнүндө ой-пикирлер

Өлкөгө жараша шайлоочуларды каттоо жүргүзүүнүн укуктук алкактары вариацияланат. Болжол менен 36% өлкөлөрдө колдонулуучу эң жөнөкөй процесс[43], бул ШӨО шайлоочулардын тизмеси үчүн маалыматты түздөн-түз өлкөнүн жарандык реестринин же салык органдарынын жазууларынан алышканы. Андан кийин ШӨО добуш

берүү укугуна ээ болушкан шайлоочуларга шайлоо участокторун ыйгарышат да, аларга почта боюнча, тексттик билдирүү же ШӨОнын веб-сайттары аркылуу маалымдашат. Бирок көпчүлүк өлкөлөрдө дараметтүү шайлоочулар менен шайлоо органынын ортосунда маалымат алмашуу болуп өтүүгө тийиш, ал жекече да, кыйыр да, мисалы, почта бланктарынын же шайлоочуларды онлайн-каттоонун жардамы менен жүзөгө ашырыла алат.

Шайлоочуларды каттоонун кээ бир процесстеринин аркасынан чогулуштарды өткөрүү, өзгөчө каттоо мезгилинин башында жана аягында болуусу мүмкүн, анткени ШӨО жана саясий партиялар шайлоочуларды каттоо боюнча кампанияларды жүргүзүшөт. Жеке келүү менен шайлоочуларды каттоо процессине байланышкан көпчүлүк тобокелдер, жеке келүү менен добуш берүү процессине байланышкан тобокелдерге окшош болсо дагы, биринчи учурда тобокелдер кыйла төмөн, анткени бир эле күнү адатта азыраак адамдар катталышат. Мындан тышкары, ШӨОнын кызмат адамдарынын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын кызматчыларынын, улуттук жана эл аралык байкоочулардын жана партиялардын өкүлдөрүнүн саны дагы каттоо учурунда кыйла аз болот, бул тийиштүү аралыкты сактоону жеңилдетет. Ошентсе да, эгерде укуктук ченемдер жол беришсе, ШӨО чогулуштардан качуу үчүн каттоо мезгилин узартуу же адамдарды ар кыл мезгилдерге дайындоо жөнүндө маселени кароосу керек. Жайгаштыруу орундарын тандоо, аны мерчемдөө жана санитардык тазалоо боюнча кенен сунуштарды «Шайлоо участокторунун иштөөсү» бөлүмүнөн табууга болот.

## Шайлоочуларды каттоо үчүн жабдуулар жана чыгымдоочу материалдар боюнча ой-пикирлер

Кийинки эки он жылдыктарда өлкөлөр алдамчылык тобокелин азайтуу үчүн шайлоочуларды каттоодо биометрикалык чечимдерди улам көп колдонушууда. Ишенимдүүлүктү арттырууга карата ушул мамиле коомдун шайлоочулардын тизмесине болгон ишеничин жогорулатты, бирок шайлоочуларды каттоону татаалдантты жана илдетти жугузуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү көбөйттү. Жаны биометрикалык түзүүчү үчүн ноутбуктар, санариптик камералар жана манжалардын тактарын сканерлер менен иштетүүгө кошумча, каттоочулар дагы деле салттуу каттоо калыптарын толтурууга милдеттүү. ШӨО алар процессте кагазды же электрондук жабдууну колдонушабы, ага карабастан коронавирусту жугузуу тобокелин майнаптуу азайтууга жөндөмдүү болуусу абзел.

Добуш берүүгө катышуу үчүн катталып жаткан адамдар, көбүнчө каттоочуларга толтурулган бланктарды жана инсандыгын күбөлөндүрүүчү расмий документтерди берүүгө милдеттүү. Бул документтер материалына жараша бир нече саат же күн бою патогендер жуккан бойдон калуусу мүмкүн[44], ошондуктан аларга кайрылуудан мүмкүн болушунча качуу керек. Каттоо арыздарын толтуруу жана аларга кол коюу үчүн калемсаптар өңдүү жалпы канцеляриялык керек-жарактарды чогуу колдонууга байланышкан фомиттер аркылуу жугузуп алуу тобокелдери да бар. ШӨО муну өзгөчө белгилеп, катталуучулардын өздөрүнүн калемсаптарын колдонуусун кубаттоо мүмкүнчүлүгүн жана ар кандай башка талаптарды – мисалы, сыянын түсү боюнча – коомчулукка маалымдоо кампанияларынын алкагында – кароосу керек. Каттоо бюросу да бир жолку калемсаптар топтомун берүүгө жана алар тийиштүү түрдө утилдештирилгенин талап кылууга тийиш, анткени каттоодон өткөн ар бир адамдан кийин дезинфекциялоочу салфеткалардын жардамы менен калемсаптарды дезинфекциялоо көп убакытты алат.

Ушул процесстин жүрүшүндө инфекцияны жугузуунун башка бир негизги тобокели каттоодон өтүп жаткан адам менен каттоочулардын ортосунда тийиштүү аралыкты сактоого байланышкан. Анда каттоодон өтүп жаткан адамдар, шайлоону уюштуруучулар документке чукул келе жана аты-жөнүн, фотосүрөтүн жана колун текшере алсын үчүн – талап кылынган алты фут аралыкка – астанада же дубалда эн тамгаланып белгиленген – кайтып келерден мурун өз документтерин атайын үстөлдөгү таза жерге коюша турган протокол иштеп чыгуу керек. Мындан тышкары, каттоодон өтүп жаткан адамдар жана шайлоонун уюштуруучулары оргайнектен жасалган жарым тунук экрандар менен бөлүнүп коюла алат, алар тез-тез дезинфекцияланат. Каттоодон өтүп жаткан адамдар бланктарды толтура алуучу бөлүнүп коюлган чөлкөмдөр да санитардык иштетүүдөн өтүүгө жана жеке адамдардын ортосунда тийиштүү аралыкты сактоо үчүн эн тамгага ээ болууга тийиш.

Шайлоочуларды каттоо үчүн манжалардын тактарын сканерлердин, санариптик камералардын жана көздүн карачыгын таануучу түзүлүштөрдүн жардамы менен биометрикалык маалыматтарды чогултуу өңдүү технологиялардын ар кыл калыптарын колдонушкан өлкөлөрдө, белгилүү бир кошумча протоколдорду колдонуу керек. Жабдууларга залал келтирбей дезинфекциялоо үчүн кандай өнүмдөрдү кантип колдонуу керектиги жөнүндө кенен нускамаларды алуу үчүн ШӨО өндүрүүчүлөргө кайрылуулары абзел. АКШнын шайлоону өткөрүүгө көмөктөшүү боюнча комиссиясы, шайлоону

өткөрүү үчүн шайлоо машиналарын жана башка техниканы кантип тазалоо жөнүндө сунуштары менен ар кыл тапшыруучулардын жана өндүрүүчүлөрдүн ресурстарынын пайдалуу тизмесин түзгөн[45]. Манжалардын тактарын байланышсыз алуу үчүн техника жана жүздөрдү таануучу түзүлүштөр, эгерде андайлар бар болсо, дагы мыкты варианттар болуп саналат, анткени алар фомиттердин пайда болуу тобокелин толук бойдон жокко чыгарышат. Жүздөрдү таануунун жаңы технологиясы керек болсо беткапчан шайлоочуларды да таанууга жол берет. Каттоочулар каттоодон өтүп жаткан адамдарды фотосүрөткө тартууда, же алардын көздөрүнүн карачыгын таанууда да денелик аралык жөнүндө эсте тутуулары кажет. Кийин жүздөрдү таануу үчүн колдонула ала турган фотосүрөттү алуу, адатта камера менен объектинин ортосундагы алты футтан аз аралыкты талап кылат. Кээ бир түзүлүштөрдө камера шайлоочуларды биометрикалык каттоо комплектинин ажырагыс бир бөлүгү болуп саналат, ошондуктан оператор каттоодон өтүп жаткан адамдардын жанына турууга аргасыз болот. Мындай учурларда каттоочулар кыйла бышык ЖККрын тагынуулары абзел.

Эгерде бирден ашык кызмат адамдары шайлоочуларды каттоо үчүн ноутбукту же жумуш үстөлүн пайдаланса, адатта каттоочулар колдонушуучу чычкан, принтер өңдүү перифериялык жабдуулар жана башка канцеляриялык керек-жарактар (мисалы, степлерлер, маркерлер, шайлоочулардын каттоо карточкаларын жасоо үчүн материалдар) өңдүү эле, техника ар бир нөөмөттүн аягында дезинфекцияланган болууга тийиш.

## Шайлоо участокторунун кызматчыларын топтоо жана окутуу

### Шайлоо участокторунун кызматчыларын тандоо боюнча ой-пикирлер

Коомдук саламаттык сактоонун кризиси өңдүү өзгөчө кырдаалдарда бир дагы укукка ээ жаран шайлоого шайлоо участокторунун кызматчысы катары катышуу укугунан ажыратылбоого тийиш болгон учурда, ШӨО кызматчыларды топтоонун алдында кээ бир чектөөлөрдү же эскертүүлөрдү карап чыгуусу керек. Бул ой-пикирлердин биринчиси саламаттыкты сактоонун кызматкерлерине тийиштүү. COVID-19 өңдүү, ооруканаларга жана башка медициналык мекемелерге ашыкча жүк пайда болгон коомдук саламаттык сактоонун кризиси учурунда, медициналык кызматчылар кам көрүүгө муктаж болушкан

бейтаптардын чоң агымы менен дайыма алек болушат. Өзгөчө шайлоо тилкесиндеги кызмат милдеттүү болгон өлкөлөрдө, ШӨО бардык медициналык кызматчыларды бул милдеттен бошотуу жөнүндө маселени карап чыгуусу керек. Жугузуп алуунун кыйла жогору тобокелине дуушарланган же ушул илдеттин кыйла оор симптомдоруна жана андан өлүм табуунун кыйла жогору көрсөткүчтөрүнө ээ болгон адамдардын топтору да, шайлоо участокторундагы кызматтан бошотулган болуусу кажет. COVID-19 менен болгон учурда улгайган адамдар жана олуттуу кошумча оорулары бар адамдар оор илдеттин кыйла жогору тобокелине дуушарланышары байкалган. ШӨО бул адамдарды өз милдеттерин аткаруудан бошотуу жөнүндө маселени карап чыгуусу, же, жок дегенде, аларга бардык зарыл коргоочу жарак-жабдыкты берүүсү жана өз милдеттерин майнаптуу жана коопсуз аткаруу үчүн акыл-эстүү шарттарды түзүүсү керек.

Саламаттыкты сактоо жаатындагы кризистен улам шайлоочулардын келүүсүнүн дараметтүү азаюусуна карабай, ШӨО шайлоо участокторунун кызматчыларынын аз санын эмес, көп санын окутуу мүмкүнчүлүгүн карап чыгуусу керек. Шайлоо күнүнө аз калганда алардын кээ бири ооруп калышы, оорулуу туугандарын карап-багууга туура келиши же ооруп калуудан коркуудан улам жөн гана окууну токтотуусу мүмкүн болгондуктан[46], аларды квалификациялуу, окутулган адамдар алмаштырышканы маанилүү.

## Персоналды жеке келүү менен окутуу боюнча ой-пикирлер

Коомдук саламаттыкты сактоонун кризиси учурунда шайлоо участокторунун кызматчыларын жана шайлоо процессине катышуучулардын баарын кадимки даярдоого, вирустун жугуу ыгына жана аны токтотууга өзгөчө көңүл бөлүп, вирус жөнүндө негизги маалымат боюнча кошумча даярдоону кошумчалоо керек. Шайлоо участокторунун кызматчылары шайлоо процесси учурунда өз саламаттыгын жана шайлоочулардын саламаттыгын кантип сактоо керектиги жөнүндө, мисалы, беткаптар менен колгаптарды кантип кийүү, колдорун жана беттерди качан жана кантип дезинфекциялоо, кезектеги адамдарды кантип көзөмөлдөө жана шайлоочуларга бүткүл процесстин жүрүшүндөгү тийиштүү жүрүм-турум жөнүндө кантип эскертүү жөнүндө атайын нускамаларды да алуулары абзел. Окуу материалдары аларга ушул маселелер жана шайлоо участокторунун кызматчылары менен шайлоочулар кайрылууга тийиш болгон ар кандай атайын чаралар камтылгандай түрдө ыңгайлаштырылган болуусу кажет.

ШӨО эгерде коомдук саламаттыкты сактоонун кризисине байланыштуу шайлоо процессине жаңы жол-жоболор киргизиле турган болсо, керек десе шайлоо участокторунун тажрыйбалуу кызматчылары дагы кошумча көңүл бурууга муктаж болушарын да эске алуусу зарыл. Бардык ушул жаңы темалар окуу материалында так берилген жана шайлоо участокторунун кызматчыларынын суроолоруна жооп берүү, зарыл түшүндүрмөлөрдү берүү жана материалды түшүнүүнү камсыздоо үчүн аларга жеткирилген болууга тийиш. Эгерде окуу сабактары жеке келүү менен өткөрүлсө, шайлоону өткөрүү боюнча кызматчылар класстын өлчөмүн (каалаган учурда чогулуусу мүмкүн болгон адамдардын санына чектөөлөрдү сактап) жана угуучулардын ортосундагы аралыкты эске алуусу, эгерде көп орун талап кылынса, окутууну кыйла чоң бөлмөгө көчүрүүсү кажет. Колдорду жана беттерди дезинфекциялоо үчүн зарыл болгон бардык материалдар берилүүсү (кыйла кенен маалыматты «Шайлоо участокторунун иштөөсү» бөлүмүнөн карагыла), бүткүл имарат боюнча колдорду дезинфекциялоо жөнүндө нускамалар менен эске салуулар жана чүчкүргөндөгү эрежелер бар плакаттар илинүүсү абзел.

## Алыстан жана виртуалдык тренингдер боюнча ой-пикирлер

Эгерде шайлоо участокторунун кызматчыларын окутууну алыстан, өзгөчө виртуалдык класстар жана онлайн-платформалар аркылуу өткөрүү мүмкүн болсо, анда чогултуу маселеси чечилет, бирок бир катар башка көйгөйлөр келип чыгат. ШӨО шайлоо участокторунун бардык кызматчылары үчүн оңой жетүүнү камсыздоого тийиш, бул бүткүл өлкө боюнча жана бардык социалдык бөлүмдөрдө интернеттин активдүү таралуусун жана технологияларга жетүүнү талап кылат. Окутуунун калыбы да инклюзивдүү жана бардыгы үчүн, мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарды жана жаңы технологиялар менен тааныштыгы аз адамдарды кошо, жеткиликтүү болуусу абзел. ШӨО шайлоо участокторунун кызматчыларына интернетке чыгуусу бар компьютерлерди жана окутууну аягына чыгаруу үчүн жардамчыларды берүү жөнүндө маселени да карай алат. Бул окуучуларды жайгаштыруу орду дезинфекциялоонун жана аралыкты сактоонун бардык стандарттуу жол-жоболоруна шайкеш келүүсү (мисалы, ар бир колдонуучудан кийин тийиштүү дезинфекциялоо жана компьютердик үстөлдөрдүн ортосундагы алты футтан кем эмес аралык) кажет, ошондой эле убакыттын каалаган конкреттүү мезгилинде мекемедеги адамдардын санын кыскартуу үчүн мезгилдик интервалдарды эске алуу керек.

Окуудан өтүп жаткан шайлоо участокторунун кызматчыларын коргоо боюнча ушул чараларга кошумча, ШӨО жеке адамдар чындап эле окууну бүтүрүүсүн жана бардык зарыл билимдерге ээ болуусун камсыздоонун ыктарын да карап чыгуусу керек. Сабактар алыстан өткөрүлгөндүктөн, ШӨОна окуп жаткандар видеону көрүп, материалды окуп жана маалыматтык мазмунуна көңүл буруп жатышабы, билүү татаалыраак болушу мүмкүн. Виртуалдык окутуу үчүн материалдын өнүгүүсүнө жараша ШӨО көңүл бурууну текшерүүнү, викториналарды, ошондой эле окутуунун майнаптуулугун текшерүү үчүн тренингден мурунку жана кийинки тесттерди киргизүү жөнүндө маселени карап чыгуусу керек. Шайлоо участокторунун кызматчылары окууну бүткөнү жөнүндө тастыктама алганга чейин белгилүү бир упай алгыдай талап киргизүү керек.

## Шайлоого жергиликтүү жана эл аралык байкоо жүргүзүү жана партиялардын өкүлдөрү

### Байкоочуларды топтоо жана шайлоого жайгаштыруу боюнча ой-пикирлер

Шайлоого байкоочулар жана партиялардын өкүлдөрү шайлоо процессинин ажырагыс бир бөлүгү болуп саналат да, шайлоо участогундагы бузуулар менен алдамчылыкка каршы маанилүү кепилдиктерди камсыздашат. Бул адамдарга тобокелдерди азайтуу үчүн, ШӨО, байкоочулардын уюмдары жана партиялардын өкүлдөрү бир эле жерде бир эле мезгилде адамдардын аз санына жол берүү үчүн ар бир мекемедеги байкоочулар менен партиялык агенттердин санын кыскартуу же аларды алмаштыруу мүмкүнчүлүгүн карап чыга алышмак. Алардын санын кыскартуудан тышкары, байкоочулар жана партиялардын өкүлдөрү, шайлоочулар, шайлоонун уюштуруучулары жана шайлоолор үчүн материалдар менен түз денелик алакадан качышып, сунушталган денелик аралыкты сакташып, саламаттык үчүн тобокелдерди азайта алышат. Байкоочулар менен партиялардын өкүлдөрү инфекцияны жугузуу тобокелин азайтуу үчүн, беткаптарды тагынууга да тийиш.

Шайлоо участокторунун кызматчыларын окутуу менен болгон учурдай эле, жайгаштыруунун алдында байкоо жүргүзүүчү уюмдар менен саясий партиялар байкоочуларга жана партиялардын өкүлдөрүнө коронавирус, аны жугузуу жөнүндө жана коргоочу каражаттарды кантип тийиштүү түрдө кийүү, колдорду дезинфекциялоо жана дем алуу органдарынын гигиенасын сактоо жөнүндө окуу материалдары

менен нускамаларды берүүсү да ажет. ШӨО, саясий партиялар жана байкоо жүргүзүүчү уюмдар тобокел тобунда турушкан медициналык кызматчыларды шайлоонун жүрүшүнө жеке байкоо жүргүзүүгө катышуудан бошотуусу жана алар муну менен байланышкан тобокелдерди толугу менен аңдашканын камсыздоосу да абзел.

## Байкоочуларды жана саясий партиялардын өкүлдөрүн аккредитациялоо боюнча ой-пикирлер

Алар түрдүү ролдорду ойношкондуктарына карабай, алар өздөрүнүн тиешелүү милдеттерине киришерден мурун, шайлоого байкоочулар дагы, партиялардын өкүлдөрү дагы дээрлик дайыма ШӨОда аккредитацияланган болуусу кажет. Бул көбүнчө шайлоону уюштуруучулар жетишерлик чектелген мөөнөттөрдө аккредитацияга өтүнмөлөрдүн чоң санын алууга жана иштетүүгө тийиш экендигин туюнтат. Ушул аккредитация процесси улам татаал болуп бара жатат. Атайын мекендик уюмдар, эреже катары, шайлоонун жүрүшүнө байкоо жүргүзүү боюнча уюмдар катары тастыктамалоодон өтүү үчүн, адегенде ШӨОна арыз берүүлөрү абзел. Тастыктамалоодон кийин уюм ар бир жеке байкоочуга өтүнмөлөрдү берет. Кээ бир учурларда муну атайын веб-сайтты колдонуп, онлайн жасоого болот[47]. Аккредитациялык бейджder ШӨО аларды бекиткенден жана байкоо жүргүзүүчү органга ички таратуу үчүн кайтарып бергенден кийин даярдалат. Бирок көбүнчө жеке байкоочулар ШӨОнын атайын жергиликтүү бөлүмүнө жеке келүүсүн талап кылуучу кол менен жүзөгө ашырылуучу процесстер колдонулат. Бул топтордо кызмат адамдарынын тобу арыздардын бланктарын алат жана иштетет да, адамдын жеке маалыматтары, фотосүрөтү кошо, бар бейджилерди берет. Бир катар өлкөлөрдө кызмат адамдары фотосүрөткө тартууну жеринде жасашат. Кээде накталай акча которууну талап кылуучу комиссия да төлөнөт, же карта боюнча бир адамдан башкасына которуу жүзөгө ашырылат. ШӨО адатта ийгиликтүү катталышкан партияларды же талапкерлерди, арыз берүү үчүн автоматтык түрдө квалификациялангандар катары карашса дагы, партиялардын өкүлдөрүн аккредитациялоо да көбүнчө эки этаптуу процесс болуп саналат. Бул процессте инсан аралык өз ара аракеттешүүнүн деңгээли байкоочулардын өз ара аракеттешүү деңгээлине окшош болот, анткени партиялардын өкүлдөрү көбүнчө аккредитациялык бланктарга кол коюу жана өз төшбелгилери үчүн фотосүрөткө түшүү үчүн жеке келүүлөрү кажет.

Шайлоого байкоочуларды жана партиялардын өкүлдөрүн аккредитациялоо үчүн жооптуу ШӨОнын бөлүмдөрүндө вирустун жугуу тобокелдерин азайтуу үчүн, шайлоочуларды каттоо жана шайлоо уча-

стокторунун иштөөсү үчүн колдонулуучу мамилелерди айкаштыруу талап кылынат. Жеке маалыматтарды жана фотосүрөттөрдү чогултуу үчүн аккредитациянын интеграцияланган компьютерлешкен системасы колдонулган учурларда, мурда техникалык жабдууну эксплуатациялоо үчүн сыпатталган стандарттуу протоколдорду сактоо керек. Кыйла кенен маалыматты «Шайлоочуларды каттоо» жана «Шайлоо участокторунун иштөөсү» бөлүмдөрүнөн карагыла. Мындан тышкары, бүткүл аккредитация процесси ичинде документацияны тийиштүү алмашуу, бланктарга кол коюу жана адатта колдонулуучу жана кол тийген чөлкөмдөрдү дезинфекциялоо жүзөгө ашырылуусу тийиш. Эгерде бул мүмкүн болсо, ШӨО жеке келүү зарылдыгын азайтуу үчүн онлайн-аккредитация процессин киргизүү же кеңейтүү жөнүндө маселени карап чыгуусу керек. ШӨО өздөрүнүн шайлоого байкоочуларды жана партиялардын өкүлдөрүн аккредитациялоонун жетектөөчү принциптеринде коомдук саламаттыкты сактоо жаатындагы бардык ушул ой-пикирлерди эске алуусу да абзел.

## II этап: Шайлоо күнүндөгү ишмердүүлүк жана шайлоодон кийинки процесстер

### Шайлоо участокторунун иштөөсү

Шайлоо күнүндө бюллетень салуу процесси адатта адамдардын эң чоң саны чогулуп жана бири бири менен өз аракеттенип, вирусту жугузуу үчүн эң жогору дараметти түзгөн жерде жүзөгө ашырылат. Мындан тышкары, дал ошол шайлоо күнү көпчүлүк адамдар ушул процесс менен кыйла чукул кагылышат да, ал жөнүндө, анын ичинде жол-жоболордун орундуулугу, шайлоонун чынчылдыгы жана жалпы эле ага ишенич жөнүндө өз элестетүүсүн калыптандырышат. Бактыга жараша, шайлоо участогу – бул ШӨО эң чоң көзөмөлдү камсыздай алышкан чөйрө жана ар бир тилкеде тобокелдер нөлгө жакындатылган болсун үчүн күч-аракет жумшоо зарыл. Керек десе эгер бир дагы шайлоочу же шайлоо тилкесинин кызматчысы инфекциясы барда COVID-19дун кандайдыр бир симптомдорун баштан кечирбесе дагы, алар баары бир симптомдору жок туруп, вирусту башкаларга жугузуусу мүмкүн. Ошондуктан шайлоо участогундагы каалаган адам жугузуп алуусу мүмкүн болгондой бардык этияттык чараларын көрүү зарыл.

## Шайлоо участогунун орун алуусу жөнүндө ой-пикирлер



*Украинада добуш берүүнүн жашыруундугун сактоо үчүн көшөгөлөр колдонулса да, COVID-19 кризиси учурунда вирустун жугуусу ыктымалдуулугун азайтуу үчүн аларды колдонуудан качуу керек.*

Керек болсо сезондук аспектилерди эске алганда да («Шайлоону жана ресурстарды колдонууну мерчемдөө» бөлүмүн карагыла), начар аба ырайы дагы эле шайлоого таасир кыла жана бөлмөдө адамдардын кыйла жогору топтолуусуна алып келе алат. Шайлоонун уюштуруучулары жамгыр же чагылган болгон учурда адамдардын чоң санын коопсуз чогултууга болгудай жетишерлик чоң орундарды аныктоолору тийиш. Идеалында имараттар максималдуу мүмкүн болгон табигый желдетүүнү камсыздоого жол берүү үчүн ачык мейкиндиктерге же бир нече терезелер менен эшиктерге ээ болушат. Эгерде бул мүмкүн болсо, отуруучу орундардын жана кезекте тургандардын жайгашуусу шамал тамчыларды бир адамдан башкасына алып баруусуна жолтоо кылгандай болуусу кажет. Бул орундар коомдук имараттарда жана башка коомдук жайларда жайгашкан боло алышат, бирок алар күн мурун аныкталган болуусу тийиш. Шайлоону уюштуруучулар тандалган имараттардын жеткиликтүүлүгүн камсыздоолору жана имаратка кирүү, денелик аралыкты сактоо, колдорду дезинфекциялоо жана имараттан чыгуу протоколдорун сактоону камсыздап, шайлоочуларды ушул жабык участокторго багыттоо үчүн, өзгөчө кырдаалдардагы иш-аракеттердин мерчеми жөнүндө маалыматы бар болуулары абзел.

Жабык участоктору бар тиешелүү өлчөмдөгү имараттарды издөөдөн сырткары, ШӨО шайлоо участоктору коопсуз, жеткиликтүү аймактарда жайгашканын жана тобокел тобундагы адамдардын саламаттыгы үчүн тобокелди жогорулатышпаганын да камсыздоосу тийиш. Мисалы, эгерде балдар бул илдетке кыйла талылуу болушса, анда шайлоо участоктору мектептерден алыста жайгашуусу кажет. COVID-19 менен болгон учурда, улгайган адамдар жана олуттуу кошумча оорулары бар адамдар оор илдеттердин өнүгүүсүнүн кыйла жогору тобокелине дуушарланышарын эске алып, ШӨО шайлоо участокторун ушул тобокел топторунун адамдары чогулушкан же жашашкан карылар үйлөрү же ооруканалар өңдүү аймактардан оолак жылдыруу жөнүндө маселени карап чыгуусу да керек. Бирок бул өзгөртүүлөр

эч кандай жагдайларда тобокел тобунда турушкан адамдарды добуш берүү укугунан ажырата алышпасын белгилөө маанилүү. ШӨО өз өлкөсүнүн укуктук базасына жараша, бул шайлоочуларга алыстан добуш берүү үчүн автоматтык бюллетендерди же почталык бюллетендерди берүү, ишеним кат боюнча добуш берүүгө уруксат кылуу же алар кезекте көп убакыт коротушпасын жана башка адамдар менен дараметтүү байланышта турушпасын үчүн ушул шайлоочуларга белгилүү бир убакытты бөлүү сыяктуу альтернативалуу варианттарды карап чыгуусу керек.

## Кезектерди уюштуруу жана кирүү-чыгуу жол-жоболору үчүн протоколдор боюнча ой-пикирлер

Шайлоо күнү – бул процесстин адамдардын эң чоң саны чогулган этабы болгондуктан, бул дагы эң чоң тобокел мезгили. Денелик аралыктын жалпы ченемдери бардык коомдук чогулуштардын учурунда сакталууга тийиш болгон чакта, шайлоо күнүндө кезекте турууда жеке аралыкты сактоону камсыздоо үчүн, байкоо жүргүзүүчү кызмат адамдарына адекваттуу аралыкты камсыздоого жардам кылуу үчүн мурда сыпатталган алты фут аралыктагы чакан түйүндөрү же тасмалары бар жип өңдүү жөнөкөй системаларды колдонуу менен атайын жоболор кабыл алынган болуусу кажет. Жипке кол тийгизүүдөн качуу үчүн ар бир адам турууга тийиш болгон жерлерге эн белги катары астанага тасманы чаптоо дагы кыйла майнаптуу болот. Кезекте туруу талап кылынган бардык кырдаалдарда, окуу плакаттарында денелик аралыкка жана вирустун жугуу ыктарына өзгөчө көңүл бурулган болууга тийиш, ал эми шайлоо участокторунун кызматчыларына кезектерде денелик аралык эрежелерин сактоону камсыздоону тапшыруу керек.

Адамдар добуш берүү процессинен өтүүсүнө жараша жеке алакалар менен байланышкан тобокелдерди азайтуу үчүн, ШӨО шайлоочулар үчүн башынан аягына чейинки маршрут аныкталган протоколдорду иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүн да карап чыгуусу керек. COVID-19 менен болгон учурда бул протоколдор өздөрүнө кирүүдө же добуш берүүнүн алдында жана, балким, чыгуунун алдында этияттыктын кошумча чараларын көрүү үчүн колдорду дезинфекциялоону камтууга тийиш. Дем алуу тамчыларынын таралуусун минимумга жеткирүү үчүн, шайлоочуларга бүткүл процесстин жүрүшүндө оозун жана мурдун беткаптар менен жабуу сунушталат. Кесипкөй беткаптар жетишпеген жерлерде, шайлоочулар жөнөкөй колго жасалган, тыгыз токулган пахтадан, атап айтканда шырылган кездемеден же

пахта-кагаз шейшептерден жасалган кездеме беткаптарды колдоно алышат.

COVID-19 диагнозу бар, добуш берүүгө катышуу үчүн үйүнөн чыга алган адамдар, сак-саламат адамдар менен байланыштан качуу үчүн адистештирилген шайлоо участокторунда, өзүнчө кезекте же кабинада туруу же шайлоо участогуна атайын бөлүнгөн мезгил үзүмүндө келүү жөнүндө нускамаларды алуулары кажет. Аларга бекитилген шайлоо участокторунун кызматчылары, бир жолку халаттар жана жүз үчүн медициналык беткаптар өңдүү жекече коргонуунун кошумча каражаттары менен камсыздалган болуулары тийиш. ШӨО шайлоо участокторунун кызматчылары ушундай кызматтарда иштөөгө макул болушуп өздөрүн жайлуу сезишкени жөнүндө кам көрүүлөрү жана алар үчүн түрткүлөрдү көбөйтүү жөнүндө масеклени карап чыгышканы да кажет.

ШӨО тобокел тобундагы шайлоочулар добуш беришсин үчүн белгилүү бир убакытты бөлүү же алар коомдук жайларда болууга тийиш болгон убакытты кыскартуу үчүн атайын кезек уюштуруу жөнүндө маселени да карап чыгуусу керек.

## Шайлоочуларды текшерүү жана добуш берүү жөнүндө ой-пикирлер

Түрдүү өлкөлөрдө шайлоочуларды текшерүүгө карата түрдүү талаптар жана добуш берүүнүн түрдүү ыктары бар. Шайлоочуларды текшерүүнүн усулдары, мисалы, манжалардын тактарын сканерлөөнү, шайлоочунун өздүгүн күбөлөндүрүүчү документтерди көрсөтүүнү, же шайлоочулардын тизмесине кол коюуну камтый алат. Добуш берүү шайлоо бюллетендерине белги коюу жолу менен же электрондук техниканын жардамы менен жүзөгө ашырыла алат. Алардын дээрлик баары буюмдарга кайрылууну жана аларга кол тийгизүүнү талап кылышат. Фомиттерге кол тийгизүүнү болтурбоо боюнча башка бардык чаралардай эле, шайлоочуларды текшерүү жана добуш берүү үчүн кесепеттерди азайтуу боюнча сунуштар, илдет жугузган адамдар башкалар кол тийгизүүсү тийиш болгон объектилерди булгашпасын, же булганган объектилер башкаларга илдет жугузганга чейин дезинфекциялансын үчүн буюмдарга кайрылуу жана аларга кол тийгизүү зарылдыгын азайтууга багышталган.

Мисалы, шайлоочулар инсандыгын ырастоочу күбөлүктөрүн колдонушканда, шайлоо участокторунун кызматчылары документке жакын келе жана ага кол тийгизбей, аты-жөнүн, фотосүрөтүн жана

колдорун текшере алышсын үчүн, талап кылынган аралыкка орун которуунун алдында ар бир шайлоочу алардын жардамы менен өз документин добуш берүү үчүн үстөлдөгү таза чөлкөмгө жайгаштырган протоколдорду иштеп чыгып, ашыкча кол тийгизүүлөрдөн качууга болот. Шайлоочуларды текшерүү үчүн колдор талап кылынганда же шайлоочулар шайлоо бюллетендерине белги коюуга тийиш болгондо, ШӨО бир жолку калемсаптарды бере, шайлоочулардын үйүнөн өз калемсаптарын алып келүүсүн кубаттай же ар бир шайлоочудан кийин калемсаптарды дезинфекциялай алат, бул кыйла эмгек талап кылган милдет болуп саналат. Шайлоочулардын тизмесинин өзүнүн булгануусунан качуу үчүн, жол-жоболорду жүргүзүүнүн алдында колдорду дезинфекциялоо мурдагыдай эле сунушталат. Шайлоочу дагы кагазга залал келтирбөө үчүн, колдору толук кургагыча күтүүсү кажет.





*Жуулбоочу сыяларды шайлоо тилкесинин кызматчылары же түздөн-түз шайлоочулар сыйпай алышат. Адамдардын ортосундагы байланышка болгон керектөөнү азайтуучу аппликаторлорго артыкчылык берүү керек.*

Көпчүлүк биометрикалык сканерлер жана добуш берүү үчүн электрондук жабдуулар экранга кол тийгизүүнү алдын-ала караштырат. Так эле шайлоочуларды каттоонун биометрикалык түзүлүштөрү үчүн сунуштардай эле, ШӨО жабдууга зыян келтирбей дезинфекциялоо үчүн кайсыл өнүмдөрдү жана кантип колдонуу керектиги жөнүндө кенен нускамаларды алуу үчүн өндүрүүчүлөргө кайрылууга тийиш. Манжалардын тактарын байланышсыз алуу үчүн техника жана жүздөрдү таануучу түзүлүштөр, жеткиликтүү болушкан чакта, дагы мыкты варианттар болуп саналат, анткени алар фомиттердин пайда болуу тобокелин толук жокко чыгарышат. Добуш берүү үчүн электрондук техника да адатта экрандарга же баскычтарга кол тийгизүүнү болжошот, ошондуктан ШӨО жабдууга залал келтирбей дезинфекциялоону үйрөнүүсү, же ошол беттер менен түз байланыштан

качуу үчүн бир жолку коргоочу кабыкты же башка жарым тунук материалды колдонуусу абзел.

Акыры, өз бюллетендерин беришкен шайлоочуларды белгилөө үчүн жуулбоочу сыяларды колдонгондо, ШӨО шайлоочулар сунушталган усулдардын бири менен колдорун дезинфекциялоого жана сыяны манжалар менен тырмактарга сыйпаардын алдында аларды толук кургатышканына түрткү болуусу керек. Шайлоочулар да кыйла майнаптуу натыйжаларга жетишүү үчүн колдорду кайталап дезинфекциялоонун алдында сыянын кургоосуна жол берүүлөрү кажет. Эгерде бул мүмкүн болсо, ШӨО шайлоо участогунун кызматчылары менен шайлоочулардын ортосундагы байланышка болгон керектөөлөрдү азайтуу үчүн өз алдынча колдонууга болуучу бөтөлкөлөр өңдүү идиштерде тапшырылган сыя өнүмдөрүн карап чыгуусу керек[48].

## Добуш берүү үчүн көмөкчү каражаттар жөнүндө ой-пикирлер

Кээ бир шайлоочуларга, өзгөчө майыптарга, добуш берүү үчүн көмөкчү түзүлүштөр же башка адамдын жардамы талап кылынышы мүмкүн. Эгерде кулакчындар, азиздер үчүн добуш берүү колдонмолору же башка көмөкчү түзүлүштөр, мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочуларга өз алдынча жана жашыруун добуш берүүгө жардам кылуу үчүн колдонулса, ал жабдуу же материал аны колдонгон ар бир шайлоочудан кийин тийиштүү түрдө дезинфекцияланган болууга тийиш. Башка адамдын жардамы керек болгондо, талап кылынган денелик аралык, көбүнчө, сакталышы мүмкүн эмес да, жардамчы дагы, шайлоочу дагы жүз үчүн беткаптар же калканчтар өңдүү ЖККрын тагынуулары, добуш берүүгө чейин жана андан кийин өз колдорун дезинфекциялоолору абзел.



*Непалдагы добуш берүүдө аял жардам алып жатат. Жардам көрсөтүүдө денелик аралыкка болгон талаптар дайыма эле сактала бербейт. Добуш берүү учурунда ЖККрын колдонуу сунушталат.*

## Дааратканa бөлмөлөрү боюнча ой-пикирлер

Даараткана же даараткана бөлмөсү массалык чогулуштар учурунда өзгөчө көйгөйлөрдү туудурушат, анткени окчун жайлардагы адамдын жүрүм-турумун көзөмөлдөө кыйын да, алар биологиялык суюктуктарды алмашуу болуп өтүүчү аймактар болуп саналышат.

Өздөрүн начар сезген адамдар да, жөтөлгөн учурда, балким, ушул жайды издешет. Колдорду кыйла оңой жана жеткиликтүү жууганды камсыздоо жана дааратканаларда адамдардын топтолуусунан качуу үчүн, колду самындап суу менен жууш же спирттүү эритмелер менен дезинфекциялоо үчүн станциялар бардык даараткана бөлмөлөрүнүн сыртынан орун алуусу жана жеткиликтүүлүк талаптарына шайкеш болуусу кажет. Маданий үрп-адаттарга жараша бул тилкелер аял шайлоочуларды чочутуудан качуу үчүн жынысы боюнча бөлүнгөн болууга тийиш. Бул мүмкүн болгон жерде гендерлик бөлүштүрүүсүз дааратканалар да алдын-ала каралган болуусу абзел. Ушул станциялардын жанында колдорду кантип дыкат дезинфекциялоо керектиги жөнүндө нускамалары бар плакаттар илинген болуусу кажет.

## Шайлоо участокторунун коопсуздугу боюнча ой-пикирлер

Бир канча өлкөлөр шайлоо учурунда шайлоо тилкелеринде тынчтыкты жана маданияттуулукту колдоо үчүн коопсуздук күчтөрүн эмитен багыттап коюшту. Коомдук саламаттыкты сактоонун кризистери учурунда ушул коопсуздук күчтөрүнүн иши шайлоочулар баштан кечирип жатышкан чыңалуулар жана коркуулар менен татаалдашат, бул дараметтүү түрдө чыр-чатактын күчөөсүнө алып келет. Ар бир адам саламаттык үчүн коркунуч туудура аларын кабыл алуу, бул чыңалууга түрткү болот да, ШӨО шайлоочуларга жана талапкерлерге мындан пайда табууга жол бербөө үчүн этияттык чараларын көрүүгө тийиш. Коопсуздук күчтөрү бардык киргизилип жаткан тобокелди азайтуу чаралары жана өзү менен тартип бузуучуларды саламаттык үчүн тобокелге дуушарлантпай, аларды сактоону кантип камсыздоо боюнча атайын даярдыктан өтүүлөрү абзел. Коопсуздук күчтөрү денелик аралыкты же башка эрежелерди сактоону камсыздоодо ашкере күч колдонушпаганы өтө маанилүү.

## Өндүрүштүн таштандылары боюнча ой-пикирлер

Бүгүнкү күндө COVID-19 вирусунун таштандылар, медициналык таштандыларды кошо, менен байланыштан улам жугуусунун эч кандай күбөлүктөрү жок болсо дагы, жеке адамдар менен беттерди дезинфекциялоо үчүн колдонулган бардык материалдар, ошондой эле тазаланбаган бир жолку буюмдар (мисалы, бир жолку калемсаптар, коргоочу кабыктар) дараметтүү фомиттер катары каралуусу жана тиешелүү контейнерлер менен каптарга тийиштүү түрдө чогултулуусу кажет[49]. Ар кандай дараметтүү илдет жуккан таштандыларды алып чыгуу өлкөнүн саламаттыкты сактоону башкаруусунун жетек-

төөчү принциптерине ылайык жүзөгө ашырылууга тийиш. Шайлоо учурунда салфеткалар, дезинфекциялоочу салфеткалар, колгаптар, беткаптар, бир жолку калемсаптар, коргоочу кабыктар жана башка таштандылар тиешелүү контейнерлерге же каптарга утилденген болуусу абзел. Ал таштандыларды чогултуучу шайлоо участокторунун кызматчылары жана тазалоочулар, таштандыларды чукул жердеги медициналык мекемеге, жугуштуу таштандыларды утилдештирүү боюнча объектиге же башка кайра иштетүү үчүн курулмаларга ташып жеткирүү үчүн өтө бышык колгаптар менен беткаптарды кийүүлөрү кажет. Бул процесс саламаттыкты сактоонун жергиликтүү органдарынын түздөн-түз жетекчилиги астында жүзөгө ашырылууга тийиш.

## Добуш берүүнүн мөөнөтүн узартуу боюнча ой-пикирлер

Мурда ушул макалада эскерилгендей, шайлоо участокторунда кезекте туруу жана башка жол-жоболор адамдарды бири бири же дем алуу тамчылары менен түз байланыштын кыйла жогору тобокелине дуушарланта алышат. Ал жол-жоболор учурунда денелик аралыкты көзөмөлдөө кыйла майнаптуу боло алат, эгерде адамдардын саны азайтылган, бирок бардык шайлоочулар добуш берүү укугуна ээ кылынган болсо. Буга укуктук ченемдер жол берген жерде, ШӨО ар күн сайын шайлоо участогуна шайлоочулардын аз саны келсин үчүн добуш берүү мөөнөтүн жылдыруу жөнүндө маселени карап чыга алышат. Шайлоолордун ар бир күнүнүн жүрүшүндө шайлоочуларды теңдемделген бөлүштүрүүнү камсыздоо үчүн, ШӨО шайлоочуларды, мисалы, ысымынын инициалдары же дареги боюнча бөлүштүрүү мүмкүнчүлүгүн карап чыга алышат.

> “Денелик аралыкты адамдардын аз саны менен көзөмөлдөө, бирок бардык шайлоочулар добуш берүү укугуна ээ кылынган болууга тийиш”.

## Почталык бюллетендер, бюллетендерди чогултуу жана алыстан добуш берүү үчүн үкөктөр боюнча ой-пикирлер

Добуш берүү учурунда кезектерден жана илдет жугузуу тобокелинен качуунун ыктарынын бири, бул укуктук база менен уруксат кылынган өлкөлөрдө, – бул шайлоочуларга бюллетендерди почта менен жөнөтүүгө же аларды тротуардагы добуш берүү үчүн үкөктөргө калтырууга уруксат берүү. Бул усулду колдонгондо шайлоочулардын жана шайлоо комиссияларынын кызмат адамдарынын илдет жугузуу тобокели кыйла төмөн болсо да, ШӨО баары бир бир канча

факторлорду эске алуусу керек. Мисалы, вирустар жана башка патогендүү микроорганизмдер түрдүү беттерде белгилүү бир убакыт кала алышат, башкача айтканда алардын кээ бири шайлоо бюллетендеринде же конверттерде калышы жана шайлоочуларды же бюллетендерди алышкан жана добуштарды иштетишкен шайлоо участокторунун кызматчыларына жугуусу мүмкүн. Коронавирус учурунда жакындагы изилдөө вирус кагазда үч сааттан беш күнгө чейин сактала аларын көрсөттү, керек десе эгерде ал бир нече күндөн кийин активдүү болсо дагы, активдүү патогендердин саны баштапкы вирустук материалдан 0,1 пайызды түзө алат[50]. Этияттык чаралары катары шайлоочулар бюллетенди жана конвертти тапшыргандан кийин өз колдорун дыкат дезинфекциялоого жана конверттеги желимди жалабай активдештирүү үчүн өзү тыгыздануучу конвертти же соргучту колдонууга тийиш. Мындан тышкары, материалга тийерден мурун аны эч жок дебесе беш күнгө кол тийгизбей калтырууга болот.

## Добуштарды эсептөө жана жыйынтыктарды чыгаруу

### Шайлоо участогунда добуштарды эсептөөдө бюллетендерге жана ведомостторго кайрылуу боюнча ой-пикирлер

Көптөгөн өлкөлөрдө шайлоонун жыйынтыктарын чыгаруу шайлоо участокторунда кагаз бюллетендерди шайлоо участокторунун кызматчыларынын кол менен эсептөөсүнөн башталат. Мындан кийин айрым-айрым шайлоо участокторунун натыйжалары бар ведомосттор көбүнчө шайлоо округдарынын деңгээлинде суммаланат да, натыйжалар шайлоону өткөрүүгө көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу адам тарабынан жарыяланат. Башка өлкөлөрдө шайлоо участокторунда добуштарды эсептөө үчүн электрондук машиналар колдонулат, алар добуштардын санын автоматтык түрдө эсептешет да, натыйжаларды текшерүү жана суммалоо үчүн борбордук орунга өткөрүшөт. Кээ бир учурларда шайлоочулар кагаз бюллетендерге белгилер жасашат, аларды андан кийин сканерлешет жана иштетишет.

Коопсуздукту камсыздоо үчүн шайлоо участокторундагы кызматчылардын бюллетендерди эсептөөнүн жалпы процессине кээ бир түзөтүүлөрдү киргизүү керек. Ушундай маселелердин бири байкоочулардын арасында денелик аралыкты сактоо менен бюллетендерди эсептөө үчүн зарыл жумуш ордунун барлыгы болуп саналат. Партиялардын өкүлдөрү жана байкоочулар да натыйжаларды алуу

процессинин мына ушул кризистик бөлүгү ичинде өз милдеттерин аткарууга тийиш болгондуктан, ар бир өзүнчө бюллетенди тиешелүү таңгакка кошордон мурун, кол тийгизүүдөн качып аларга көрсөтүү керек. Бул ачыктыкты жогорулатат, бирок мында добуштарды эсептөө жайлап калат. Шайлоо участогунда бардык бюллетендерди эсептегенден жана добуш берүүнүн натыйжаларын аныктагандан кийин добуштарды эсептөө үчүн ведомосттор бир катар кызмат адамдары, партиялардын өкүлдөрү жана байкоочулар тарабынан кол коюлган болуусу абзел. Ар бир кол коюучу өз калемсабын колдонуусу жана денелик аралыкты сактап, документке бир-бирден кол коюулары кажет.



*Добуштарды эсептөөнүн учурунда шайлоо участокторунун кызматчылары ар бир бюллетенди байкоочуларга жана партиялардын өкүлдөрүнө аралыктан көрсөтүүгө тийиш.*

## Шайлоо бюллетендерин жана шайлоо өткөрүү үчүн башка материалдарды ташып жеткирүүгө байланыштуу ой-пикирлер

Добуш берүүнүн натыйжалары бар ведомосттор, шайлоочулардын тизмелери жана шайлоо бюллетендери өңдүү шайлоону өткөрүү үчүн маанилүү материалдар, адатта натыйжаларды суммалоо жана натыйжаларды жарыялоо үчүн шайлоо участокторунан борбордук орунга ташылат. Бул материалдар адатта уруксат кылынбаган ачуудан корголгон желим каптарда ташылат да, мөөр басып чапталган добуш берүү үчүн үкөктөрдө сакталышат. Ташуу учурунда бул материалдарды шайлоо участокторунун персоналынан, байкоочулардан, партиялардын өкүлдөрүнөн жана полициядан турган өкүлдөр коштошот. Шайлоону өткөрүү үчүн маанилүү материалды унаа каражаттары менен ташууда илдеттин жугуу тобокелин азайтуу үчүн, бүткүл ишке тартылган персонал беткаптарды кийүүсү кажет. Бул мүмкүн болгон учурда, ШӨО байкоочулар менен партиялардын өкүлдөрү материалдарды ташып жеткирүүнү аралыктан көзөмөлдөй алсын үчүн камералар жана GPS-трекерлер өңдүү байкоо жүргүзүү каражаттарын орнотуу жөнүндө маселени да карап чыгуусу керек.

## Процесстер жана натыйжаларды суммалоо каражаттары жөнүндө ой-пикирлер

Натыйжаларды суммалоого багышталган борбордук пункттагы операциялар үчүн, көбүнчө шайлоо участокторунун чоң санынан шайлоону өткөрүү үчүн материалдарды алуу, иштетүү, суммалоо жана сактоо үчүн кызматчылардын чоң саны талап кылынат. Коопсуздук кызматынын кызматчыларынын саны да кээде көп болушу мүмкүн. Жалпысынан, денелик аралыкты сактоо жыйынтыктарды чыгаруунун ар бир этабында чоң мааниге ээ болот. Шайлоо участокторунун командаларында көп учурда материалдарды кызматчыларга кабыл алууда берүүдө кармалуулар болот, бул кезектерди түзөт. Материалдар катталар замат, персонал аларды текшерүүчү кызматчыларга берет да, баары эсептелгенден жана катталгандан кийин, факт жүзүндө суммалоо башталганга чейин алар убактылуу сакталат. Натыйжалар биротоло суммалангандан жана текшерилгенден кийин, натыйжалар бар ведомосттор ШӨОнын штаб-квартирасына берүү үчүн кол коюлат жана сканерленет. Кээ бир учурларда натыйжаларды суммалоо үчүн онлайн система колдонулат. Ушул процесстердин ар бири карап чыгуу жана кол коюу үчүн бир нече кагаз калыптарды берүүнү, ошондой эле маалыматтарды киргизүү үчүн компьютерлерди, натыйжаларды берүү үчүн сканерлерди жана байкоочулар менен партиялардын өкүлдөрүнө натыйжаларды этабы менен чагылтуу үчүн проекторлорду колдонууну болжойт. Мурунку бөлүмдөрдө баяндалган денелик аралыкты сактоо, колдорду жана жабдууларды дезинфекциялоо жана ЖККрын колдонуу боюнча стандарттуу сунуштар пайдаланылат.

## Байкоо жүргүзүү жана сапатты көзөмөлдөө

ШӨОнын байкоо жүргүзүү жана баалоо боюнча ишмердүүлүгү тобокелдерди азайтуу үчүн бул усулдарды киргизүү даражасын көзөмөлдөөгө текшерилген болууга тийиш. Шайлоонун дайындалган уюштуруучулары конкреттүү окуяларга, өзгөчө шайлоо күнүндө байкоо жүргүзүүнүн текшерүүчү тизмелерин иштеп чыгуусу жана толтуруусу абзел. Эгерде бул мүмкүн болсо, жогору турган көзөмөлдөөчү органдар текшерүүчү тизмелерге жазылган маалыматтарды, тандама текшерүүлөрдүн жардамы менен текшерүүлөрү кажет. Ошентип, талаптарды сактоо системалуу көзөмөлдүн астында турат, ал эми маалыматтар келечектеги ири масштабдуу иш-чаралар үчүн сабактарды алуу максатында системадагы үзгүлтүктөрдү айкындоо үчүн борбордук деңгээлде чогултулган боло алат.

Тобокелди азайтуунун усулдарын майнаптуу колдонуунун натыйжасында COVID-19 илдетинин канча жаңы учурларынын алды алынганын так далилдөө мүмкүн болбосо да, шайлоодон кийинки 14 күндүн ичинде оорунун жаңы учурларынын ченемдүү же кыйла төмөн көрсөткүчтөрү, алар илдетти жугузуунун кескин өсүүлөрүнө түрткү болушпаганын көрсөтүүсү абзел.

# Булактар


1. COVID-19дун шайлоого глобалдуу таасири. (2020-жылдын 20-марты). Булак: https://www.ifes.org/publications/global-impact-covid-19-elections

2. Ф. Бурил, С. Дарнольф. Шайлоочулардын төмөн келүүсү, коркуу, дезинформация жана бузулган тапшыруулар: шайлоо комиссиялары кандайча COVID-19га даяр эмес (2020-жылдын 27-марты). IFES. Булак: https://www.ifes.org/news/low-voter-turnouts-fear-disinformation-and-disrupted-supply-chains

3. Дж. Кейлман (2020-жылдын 13-апрели). “Чикагонун шайлоо тилкесинин кызматчысы COVID-19дан өлгөндөн жана башкаларынан илдет тастыкталгандан кийин, шаар шайлоочуларга алар шайлоо тилкелеринде илдет жугузууга дуушарланышы мүмкүн экенин кабарлайт. «Чикаго Трибюн». Булак: https://www.chicagotribune.com/coronavirus/ct-chicago-poll-worker-dies-covid-cornavirus-20200413-rz55vqpo6jfbxn7e4i6vkj6n2y-story.html

4. COVID-19ду чакыруучу вирустун жугуу ыктары: ИАК (илдеттин алдын алуу жана көзөмөлдөө) көз карашынан кесепеттер (күнү көрсөтүлгөн эмес). Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сакктоо уюму. Булак: https://www.who.int/news-room/commentaries/detail/modes-of-transmission-of-virus-causing-covid-19-implications-for-ipc-precaution-recommendations

5. Коронавирус кандайча таралат (2020-жылдын 13-апрели). АКШнын ооруларды көзөмөлдөө жана алдын алуу боюнча борборлору. Булак: https://www.cdc.gov/coronavirus/2019-ncov/prevent-getting-sick/how-covid-spreads.html

6. Аныктамалар: өзгөчө кырдаалдар (2014-жылдын 17-ноябры). Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму. Булак: https://www.who.int/hac/about/definitions/en/

7. У. Розенталь, М.Т. Чарльз, П. т’Харт (редакциясы астында) (1989). Кризистерди жеңүү: табигый кырсыктардын, башаламандыктардын жана терроризмдин кесепеттерин жоюу. Спрингфилд: Чарльз К. Томас.

8. Дж. Маризам (2010). 1918-жылдагы шайлоолорду баалоо. Шайлоо укугу журналы, 9 (2), 141-152.

9. А. Банбери (2020-жылдын 8-апрели). Пикир: шайлоолор жана COVID-19 – Эболадан биз билген нерсе. Девекс. Булак: https://www.devex.com/news/opinion-elections-and-covid-19-what-we-learned-from-ebola-96903

10. Дж. Делари (2020-жылдын 16-апрели). Коронавирус учурундагы дүйнөдөгү биринчи шайлоолордо демократия кантип жеңди. Нью-Йорк Таймс. Булак: https://www.nytimes.com /2020/04/16/opinion/south-korea-election-coronavirus.html

11. Д. Б. Тэйлор (2020-жылдын 28-апрели). Коронавирус пандемиясы кандайча өнүктү: мезгилдик шкала. Нью-Йорк Таймс. Булак: https://www.nytimes.com/article/coronavirus-timeline.html

12. COVID-19га арналган жалпыга маалымдоо каражаттары үчүн пресс-конференциядагы БДССУнун генералдык директорунун кириш жарыясы – 2020-жылдын 11-марты (күнү көрсөтүлгөн эмес). Булак: https://www.who.int/dg/speeches/detail/who-director-general-s-opening-remarks-at-themedia-briefing-on-covid-19---11-march-2020

13. Коронавирус деген эмне? Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму, Шри-Ланка. Булак: https://www.who.int/docs/default-source/inaugural-who-partners-forum/coronavirus-poster-english-srilanka.pdf?sfvrsn=289dedc3_0

14. Коронавирустун симптомдору. (2020-жылдын 20-марты). АКШнын ОКАБ. Булак: https://www.cdc.gov/coronavirus/2019-ncov/symptoms-testing/symptoms.html

15. П. Хуанг (2020-жылдын 13-апрели). COVID-19дун үнсүз таратуучулары жөнүндө биз билген нерсе. Улуттук коомдук радио. Булак: https://www.npr.org/sections/ goatsandsoda/ 2020/04/13/831883560/can-a-coronavirus-patient-whoisnt-showing-symptoms-infect-others

16. А. Мандавилли (2020-жылдын 20-апрели). Жугузган, бирок өзүн жакшы сезет: коронавирустун эрксиз таратуучулары. Нью-Йорк Таймс. Булак: https://www.nytimes.com/2020/03/31/health/coronavirus-asymptomatic-transmission.html

17. Колумбия Хелт, Колумбия Хелт (2020-жылдын 26-марты). COVID-19 (жаңы коронавирус): Көп берилүүчү суроолор. Булак: https://

preparedness.columbia.edu/news/2019-novel-coronavirus-frequently-asked-questions

18. Коронавирустун симптомдору (2020-жылдын 20-марты). Булак: https://www.cdc.gov/ coronavirus/2019-ncov/symptoms-testing/symptoms.html

19. COVID-19ду чакыруучу вирустун жугуу ыктары: ИАК (илдеттин алдын алуу жана көзөмөлдөө) көз карашынан кесепеттер (күнү көрсөтүлгөн эмес). Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сакктоо уюму. Булак: https://www.who.int/news-room/commentaries/detail/modes-of-transmission-of-virus-causing-covid-19-implications-for-ipc-precaution-recommendations

20. Коронавирус кандайча таралат (2020-жылдын 13-апрели). АКШнын ооруларды көзөмөлдөө жана алдын алуу боюнча борборлору. Булак: https://www.cdc.gov/coronavirus/2019-ncov/prevent-getting-sick/how-covid-spreads.html

21. Г. Кампфтын, Д. Тодттун, С. Пфендердин, Е. Штайнманндын маалыматтарынын негизинде. Коронавирустардын жансыз объектилердин беттериндеги узак жашоосу жана аларды биоциддик агенттер менен инактивациялоо. «Оорукана инфекциясы» журналы. 2020;104(3):246–251. ИЦО:10.1016/j. jhin.2020.01.022. Вирустун жашоо узактыгы бөлмөдөгү аба табында өлчөнгөн (20-22 °C же 68-72 °F)

22. Коомчулукка кеңеш (күнү көрсөтүлгөн эмес). БДССУ. Булак: https://www.who.int/ emergencies/diseases/novel-coronavirus-2019/advice-for-public

23. Социалдык аралык, карантин жана изоляция (2020-жылдын 4-апрели). АКШнын ОКАБ. Булак: https://www.cdc.gov/coronavirus/2019-ncov/prevent-getting-sick/social-distancing.html

24. Л. Буруйба (2020). Газдын куюндуу булуту жана дем алынуучу патогендердин чыгаруулары: COVID-19ду жугузууну азайтуу үчүн дараметтүү кесепеттер. Америкалык медициналык ассоциациянын журналы.

25. Жөтөлгөндөгү дем алуу органдарынын гигиенасы/эрежелери жөнүндө көп берилүүчү суроолор. Вирджиния штатынын саламаттыкты сактоо департаменти. Булак: https://www.vdh.virginia.gov/content/uploads/sites/3/2016/01/RespiratoryHygieneCoughEtiquette_FAQ.pdf

26. COVID-19ду жугузууга каршы колдун милдеттүү гигиенасы боюнча арадагы сунуштар (күнү көрсөтүлгөн эмес). БДССУ. Булак: https://www.who.int/who-documents-detail/interim-recommendations-on-obligatory-hand-hygiene-against-transmission-of-covid-19

27. Филовирус илдетинин тутануусуна жооп кылуунун контекстиндеги колдордун гигиенасы (2020-жылдын 12-марты). БДССУ. Булак: https://www.who.int/csr/resources/publications/ebola/hand-hygiene/en/

28. N тизмеси: SARS-CoV-2 каршы колдонуу үчүн дезинфекциялоочу каражаттар (2020-жылдын 24-апрели). Булак: https://www.epa.gov/pesticide-registration/list-n-disinfectants-use-against-sars-cov-2

29. К.Х. Чан, Дж.С. Пейрис, С.Ю. Лам, Л. Л. М. Пун, К. Ю. Юэнь, В.Х. Сето (2011). Аба табынын жана салыштырмалуу нымдуулуктун ОКРС-коронавирустун жашоого жөндөмдүүлүгүнө таасири. Вирусологиядагы жетишкендиктер, 2011.

30. Шайлоолордун мөөнөтүн жылдыруунун укуктук аспектилери ушул сериядагы келерки документте талкууланат «Шайлоо процесстеринин мөөнөтүн жылдыруунун же өзгөртүүнүн укуктук жана конституциялык аспектилери».

31. К. Эллена. Шайлоолордун мөөнөтүн жылдыруу менен өзгөртүүнүн ортосундагы юридикалык дилемма (2020-жылдын 14-апрели). IFES. Булак: https://www.ifes.org/news/legal-quagmire-postponing-or-modifying-elections

32. М. Липсич (2020). SARS-CoV-2 сезондуулугу: COVID-19 кыйла жылуу аба ырайыда өзүнөн-өзү жоголобу? Инфекциялык оорулардын динамикасы борбору. Булак: https://ccdd.hsph. harvard.edu/will-covid-19-go-away-on-its-own-in-warmer-weather/

33. Адамдын COVID-19 вирусун жугузуусу чакырган COVID-19га глобалдык көзөмөл –Убактылуу колдонмо (2020-жылдын 20-марты). БДССУ. Булак: https://apps.who.int/ iris/bitstream/handle/10665/331506/WHO-2019-nCoV-SurveillanceGuidance-2020.6-eng.pdf

34. Дж. Палька (2020-жылдын 6-марты). Респираторлор – коронавирус менен күрөштүн ачкычы, бирок аларды туура тагынуу керек. Улуттук коомдук радио. Булак: https://www.npr.org/ 2020/03/06/812789168/respirators-key-to-coronavirus-battle-butthey-must-be-worn-correctly

35. Инфекциянын таралуусун жайлатуууга жардамдашуу үчүн жүзгө кездеме каптамаларды колдонгула (2020-жылдын 13-апрели). АКШнын ОКАБ. Булак: https://www.cdc.gov/ coronavirus/2019-ncov/prevent-getting-sick/diy-cloth-face-coverings.html

36 Л. Грот, Л. Грот (2020-жылдын 8-апрели). Сиздин колгаптарыңыз азык-түлүк дүкөнүндө коронавирустун жайылуусун болтурбоого жардам кылбашы ыктымал. Булак: https://www.health.com/condition/infectious-diseases/coronavirus/shouldyou-wear-gloves-to-the-grocery-store

37. Л. Стюсси, С. Вайсс (2020-жылдын 22-апрели). Эмне үчүн азык-түлүк дүкөнүндө колгаптарды кийүү коронавирус менен күрөшүүгө жардамдашпайт? Булак: https://nypost.com/ 2020/04/22/why-wearing-gloves-to-the-grocery-store-isnt-fightingcoronavirus/

38. Э. Раухала (2020-жылдын 14-марты). Кээ бир өлкөлөрдө коронавирусту айкындоо үчүн дене табын текшерүү колдонулат. Башкалар дегеле тынчсызданышпайт. Мына эмне үчүн. «Вашингтон Пост». Булак: https://www.washingtonpost.com/world/coronavirus-temperature-screening/2020/03/14/ 24185be0-6563-11ea-912d-d98032ec8e25_story.html

39. Т.Х. Сэй (2020-жылдын 16-апрели). COVID-19дун жугуштуулугу симптомдор пайда болгонго чейинки бир-эки күн ичинде көбүрөөк жогору болушу мүмкүн. Булак: https://www. sciencenews.org/article/coronavirus-covid-19-infection-contagious-days-before-symptoms-appear

40. Талапкерлерди каттоого өтүнмөнүн фотосүрөтүнө кошумча көбүнчө партияга тиешелүүлүк жөнүндө маалыматты, символиканы жана тастыктоочу колдордун барлыгынын далилин; ошондой эле талапкерлердин гонорарларга акы төлөөсүн кошушат.

41. Ушул серияда COVID-19 менен дезинформация өнөктүктөрүнүн ортосундагы өз ара байланышты ар тараптуу талдоо жүргүзүлөт.

42. К. Нибаум, Л. Каннингем-Сабо, Л. Беллоус (2015). Медициналык сабаттуулук чөйрөсүндөгү мыкты тажрыйбаларды колдонуу менен майнаптуу окуу материалдарын иштеп чыгуу. Джорнал оф Икстеншн, 53(4), n4.

43. Жалпы улуттук шайлоо тизмеси кандайча түзүлөт? (күнү көрсөтүлгөн эмес) «Демократиянын жана шайлоолорго көмөктөшүүнүн

эл аралык институту» эл аралык уюму. Булак: https://www. idea.int/data-tools/question-view/735

44. Өздүк күбөлүктөр эң ар түрдүү түзүлүштөрдө жана материалдарда, жөнөкөй кагаз китепчелерди, ламинацияланган убактылуу өздүк күбөлүктөрдү жана кыйла салттуу ийкемдүү композициялык поливинилхлориддик материалдарды кошо, чыгарылат. Кээ бир жерлерде, мисалы, Зимбабведе, улуттук өздүк күбөлүктөр металлдан даярдалат.

45. Добуш берүү үчүн машиналарды жана башка шайлоо өткөрүү үчүн техниканы тазалоо боюнча тапшыруучунун жана өндүрүүчүнүн колдонмосу: АКШнын шайлоолорду өткөрүүгө көмөктөшүү боюнча комиссиясы (күнү көрсөтүлгөн эмес). Булак: https://www.eac.gov/election-officials/vendor-and-manufacturer-guidance-cleaning-voting-machines-and-other-election

46. К. Беренс; Р. Роуан (2020-жылдын 12-марты). Огайо штатынын шайлоо комиссиялары коронавирустун тутануусунан улам шайлоо тилкелери үчүн кызматчыларды жанталаша издеп жатышат. «Колумбус Диспэтч». Булак: https://www.dispatch.com/news/20200312/ohio-elections-boards-frantically-seeking-poll-workers-due-to-coronavirus-outbreak

47. Интернетте жеткиликтүү болгон аккредитация процесси, Афганистандагы 2019-жылкы шайлоону карагыла (2020-жылдын 19-апрелинде жетүү алынган).

48. Жуулбоочу сыяларды колдонууда тобокелдерди азайтуу жөнүндө кыйла кенен маалыматты ШТЭФнун «Жуулбоочу сыялар шайлоолордо: майнаптуулукту сактоо менен COVID-19ду жугузуу тобокелдерин азайтуу” деген макаласынан алууга болот, ал төмөнкү дарек боюнча жеткиликтүү: <URL>. https://www.ifes.org/news/indelible-ink-elections-mitigating-risks-covid-19-transmission-while-maintaining-effectiveness

49. COVID-19 вирусу үчүн суу, санитардык шарттар, гигиена жана таштандыларды утилдештирүү: убактылуу колдонмо, 2020-жылдын 19-марты (1970-жылдын 1-январы). БДССУ. Булак: https://apps.who.int/iris/handle/10665/331499

50. Коронаврус картондо жана кагазда канчалык узак сакталат? (2020-жылдын 10-апрели) Булак: https://www.uprinting.com/blog/how-long-does-coronavirus-last-on-cardboard-and-paper/-33- IFES | 2011| Вирджиния 22202, Арлингтон | 2011 Кристал Драйв, 10-й этаж| www.IFES.org

International Foundation
for Electoral Systems

IFES | 2011 Crystal Drive | 10th Floor | Arlington, VA 22202 | www.IFES.org